**«БЕКИТЕМИН»**
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдери боюнча доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 10.24.699 диссертациялык кеңешинин алдын ала коргоосу филология илимдеринин доктору, профессор
Ч. К. Найманова

________________________

2025-жылдын 22-майы

**ПРОТОКОЛ № 24**

**Диссертациялык кеңештин төрагасы**: филология илимдеринин доктору, профессор Ч. К. Найманова (10.02.19)

**Диссертациялык кеңештин төрагасынын орун басары:** филология илимдеринин доктору, доцент А. Т. Абдраева (10.02.20)

**Катышкандар:** филология илимдеринин доктору, профессор Б. Е. Дарбанов – онлайн (10.02.19); филология илимдеринин доктору, профессор Б. Х. Кусанова – онлайн (10.02.19); филология илимдеринин доктору, профессор Б. Ш. Усубалиев (10.02.19); филология илимдеринин доктору, доцент С. С. Жумалиев (10.02.19); филология илимдеринин доктору, профессор П. К. Кадырбекова (10.02.20); филология илимдеринин доктору, доцент Г. К. Джумалиева (10.02.20); филология илимдеринин доктору, доцент Д. И. Козуев (10.02.20); филология илимдеринин доктору, доцент Б. Б. Нарынбаева – онлайн (10.02.20); филология илимдеринин доктору, доцент А. Н. Сыдыков (10.02.20); филология илимдеринин доктору, доцент Ч. С. Тулеева – онлайн (10.02.20)

Окумуштуу катчысы: филология илимдеринин кандидаты, доцент Н. Б. Джаркинбаева (10.02.20)

Күн тартибинде:

Алишова Изат Култаевнанын **«Тектеш эмес тилдердеги туугандык терминдердин өзгөчөлүктөрү (кыргыз жана англис тилдеринин материалында)** деген темада 10.02.20 – тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин коргоого сунуш кылуу үчүн алдын ала талкуу.

**Илимий жетекчиси** – филология илимдеринин доктору, доцент Козуев Дурус Исакбаевич.

**УГУЛДУ:**

**Төрага, филология илимдеринин доктору, профессор Ч. К. Найманова:**

– Саламатсыздарбы, урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү! Бүркүтбай Ерматович, Бибигуль Хакимовна жана Бактыгүл Борбиевна, Чынара Сарттаевна онлайн тартибинде отурумга катышып жатышат. Кворум бар, анда отурумду ачык деп жарыялоо менен күн тартибиндеги маселени талкуулоого өтөөлү.

Урматтуу кесиптештер, Кыргызстан эл аралык университетинин филология жана коммуникация бөлүмүнүн аспиранты Алишова Изат Култаевнанын “Тектеш эмес

**тилдердеги туугандык терминдердин өзгөчөлүктөрү" (кыргыз жана англис тилдеринин материалында)** деген темада 10.02.20 – тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча жазылган кандидаттык диссертациясын алдын ала талкуулоо. Окумуштуу катчысы Н. Б. Джаркинбаевага сөз берели.

**Окумуштуу катчысы, ф.и.к., доц. Джаркинбаева Н. Б.:**

Алишова Изат Култаевна, 1982-жылы 13-сентябрда Жалал-Абад областынын Аксы районундагы Кербен шаарчасында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту кыргыз.

1999-2004-жж. Ош мамлекеттик университетинин Дүйнөлүк тилдер факультетинде жогорку билимине ээ болгон. 2005-жылы Кыргызстан эл аралык университетиндеги чет тилдер институтундагы филология бөлүмүнөн англис тили мугалими болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган.

2007-2008-жылы К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин чет тилдердин практикасы бөлүмүндө чет тили мугалим болуп иштеген.

2008-жылы Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин чет тилдер факультетине караштуу факультеттер аралык чет тилдер кафедрасында мугалим болуп кирген. Андан кийин аймактардын тилин үйрөнүү бөлүмүндө, андан соң Түркология жана котормо таануу бөлүмүндө эмгектенип, азыркы мезгилде Чет тилдер институтунун Лингвистика бөлүмүнүн англис тилинин ага окутуучусу болуп студенттерге чет тилинен билим берип келүүдө.

Өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө ар дайым талыкпай эмгектенип эл аралык жана университет аралык илимий иш чараларга, илимий-практикалык конференцияларга, илимий семинар-тренингдерге үзгүлтүксүз катышып турат.

Учурда 20дан ашык илимий макаласы жарык көрүп, анын ичинен 5 макаласы РИНЦ маалымат базасында катталган. Үй-бүлөлүү, эки уул, бир кыздын энеси.

Кыргызстан эл аралык университетинин Окуу-илимий-өндүрүштүк комплексинде 2008-жылы 20-майда №120 буйруктун негизинде "Тектеш эмес тилдердеги тууганды‌к терминдердин өзгөчөлүктөрү (кыргыз англис тилдеринин материалында)" деген илимий кандидаттык диссертациясынын темасы бекитилип, илимий жетекчиси ф.и.д., доцент Козуев Д. И. дайындалып, Кыргыз Республикасынын жогорку аттестациялык коммисиясына караштуу реестрине катталган. Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын эл аралык университетинин "филология жана коммуникация" бөлүмүндө аткарылды. Жалпы басылмалардын көрсөткүчү 155 баллды түздү. Кыргыз Республикасынын Президентине караштее Улуттук аттестациялык комиссиясынын бардык талаптарына жооп берет. Суроолор болсо жооп берүүгө даярмын.

**Төрага, филология илимдеринин доктору, профессор Ч. К. Найманова:** Сөздү иштин жалпы мазмунун маалымдоо үчүн диссертантка 10-15 мүнөт убакыт берели.

Диссертациялык иштин темасы боюнча И. К. Алишованын доклады, презентация слайддары 15 мүнөт.

**Диссертант Алишова И. К.**: Саламатсыздарбы урматтуу төрага, жана диссертациялык кеңештин жалпы мүчөлөрү! Сиздердин назарыңыздарды "Тектеш эмес тилдердеги тууганды‌к терминдердин өзгөчөлүктөрү" (кыргыз жана англис тилдеринин материалдарында) аттуу диссертациянын кыскача мазмунуна бурмакчымын.

Диссертациялык иш киришүү, 3 баптан, корутунду, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат. Ар бир баптын аягында кыскача тыянактар чыгарылды. Киришүү бөлүмүндө диссертациянын актуалдуулугу, максат-милдеттери

көрсөтүлүп, илимий иштин жаңылыктары, практикалык мааниси, коргоого коюлуучу жоболор менен камтылган.

**Теманын актуалдуулугу.** Тууганчылык терминологиясын изилдөөнүн татаалдыгы жана ар тараптуулугу тууганчылыкка байланышкан түшүнүктөрдүн маданий, тарыхый кубулуштарга таандык социалдык, тарыхый, аксиологиялык аспектилерге ээ адамзаттык масштабдагы түшүнүк экендиги менен шартталган.

Тууганчылык терминдерин салыштырма аспектиде изилдөө маселеси тиешелүү деңгээлде илимий негизде чагылдырылбагандыгы жана кыргыз тил илиминде тууганчылык терминдеринин англис тили менен салыштырылып изилденбегендиги илимий ишибиздин **актуалдуулугун** айгинелейт.

**Изилдөөнүн максаты** – кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылык терминдеринин семантика-структуралык жана семантика-функционалдык өзгөчөлүктөрүн аныктоо.

Диссертациялык иштин бул негизги максатын жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** коюлган:

1) ар кандай булактардан алынган кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылык терминдерин тактап-системалаштыруу жана айрым тууганДык терминдердин этимологиясын аныктоо менен жалпылоочу жана айырмалоочу өзгөчөлүктөрүн салыштырып иликтөө;

2) кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылык терминдерине семантика-структуралык, семантика-функционалдык ошондой эле лексика-семантикалык талдоо жүргүзүү;

3) тууганчылыкка байланыштуу кыргыз жана англис тилдериндеги ар бир терминдин компоненттеринин семантикалык структураларынын интегралдык жана дифференциалдык (жеке) белгилерин аныктоо;

4) тектеш эмес эки тилдеги тууганДык жакындыктын иерархиясындагы терминдердин семантикасындагы имплициттик жана эксплициттик компоненттерди аныктоо жана аларга мүнөздөмө берүү;

5) тууганчылык терминдеринин семантикасындагы гетеронимия, гиперонимия жана гипонимия кубулуштары менен байланышын аныктоо.

6) кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылык терминдерине байланыштуу топонимикалык, ономасиологиялык жана антропонимикалык белгилерди изилдөө.

Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы:

Ар башка типологиялык системага тиешелүү болгон англис жана кыргыз тилдериндеги тууганчылык терминдерин изилдөөнүн натыйжасында алынган иштин илимий жаңылыгы катары төмөнкүлөрдү белгилейбиз:

1) кыргыз, англис тилдериндеги тууганчылык терминдердин жалпы жана өзгөчө сапаттарга ээ салыштырма-типологиялык моделинин иштелип чыгышы;

2) тууганчылык терминдеринин эки тилде гиперонимдик-гипонимдик, гетерогендүү-гомогендүү, денотативдик-коннотативдик, нейтралдуу-экспрессивдүү/ эмоционалдуу, башкы-кошумча, алгачкы-дериваттык ж.б семаларынын аныкталып сыпатталышы;

3) тууганчылык байланыштардын эки тилдеги этимологиясы, өнүгүүсү, семантикалык жактан өзгөрүүсүнө, байышына мүнөздүү болгон белгилердин аныкталышы;

4) кыргыз жана англис тилдериндеги социалдык-лингвистикалык

өзгөрүүлөрдүн негизинде тууганчылык терминдеринин иликтениши;

5) кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылык системанын лингвомаданий этнолинвистикалык өзгөчөлүктөрүнүн аныкталышы;

6) кыргыз жана англис тилдеринде тууганчылык терминдери алгачкы жолу антропологияда, ономасиологияда жана топонимикалык аспектиден семантика-структуралык, семантика-функционалдык изилдөөгө алынышы;

**Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу.** Изилдөөдөн алынган тыянак-натыйжалар кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылыкка байланышкан теориялык маселелердин изилденишине, тилдик каражаттардын эки тилге так которулушуна өбөлгө түзөт. Ошону менен бирге англис-кыргыз жана кыргыз-англис терминологиялык сөздүктөрүн түзүүдө, англис тилин кыргыз мектептеринде окутууда, кыргыз жана англис тилдеринин тарыхый лексикологиясы, семасиологиясы боюнча окуу куралдарын, типтүү жана жумушчу программаларды, лекциялык курстардын тексттерин даярдоодо теориялык материал катары колдонууга болот.

**Илимий иштин коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Туугандыктын көптөгөн биологиялык мамилелерине ылайык, ар кайсы элдердеги тууганчылык терминдеринин ырааты ар башкача жайгаштырылган, мындай өзгөчөлүктөр ар бир элдин турмушундагы тарыхый, маданий жана социалдык факторлор аркылуу шартталган.

2. Кыргыз тилиндеги тууганчылык терминдеринин басымдуу бөлүгү лексикалык жактан кошумча көп мааниге ээ болгондуктан колдонулуу мүмкүнчүлүгү кеңири, ал эми англис тилинде болсо туугандык терминдери жалпы мааниге ээ.

3. Салыштырылып жаткан тилдерде тууганчылык терминдеринин системасынын өнүгүшүнүн жалпы тенденциялары полисемиянын пайда болушунан, терминдердин пассивдүү лексикага, атап айтканда, архаизмдерге айланышынан, тууганчылыктын жана тууганчылык касиеттин конкреттүү терминдеринин сандык кыскарышынан, тууганчылыктын көптөгөн терминдеринин маанилеринин семантикалык трансформацияларга кабылышынан көрүнөт.

4. Салыштырылып жаткан тилдерде тууганчылык иерархиясы тарыхый, маданий, биосоциалдык факторлор аркылуу аныкталып, ал факторлордун таасири тилдик каражаттар аркылуу чагылдырылат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Ар башка типологиялык системадагы англис жана кыргыз тилдериндеги тууганчылыкка байланыштуу терминдердин семантика-структуралык, семантика-функционалдык табиятын изилдөөдө тилдик материалдар менен бирге тарыхый-этнографиялык, маданий материалдарды топтоо, системалаштыруу, кыргыз жана англис тилдерине тиешелүү иллюстративдик материалдарды ар тараптуу изилдөө автордун жеке салымы болуп эсептелет.

**Диссертациянын натыйжаларынын апробацияланышы.**

Диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктары К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин чет тилдер кафедрасы, котормонун теориясы жана практикасы кафедрасы, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Ала-Тоо эл аралык университетинин лингвистика кафедрасы тарабынан уюштурулган илимий-практикалык конференцияларда, илимий семинарларда талкууланган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы.**

Темага байланыштуу илимий макалалар жогорку окуу жайлар тарабынан уюштурулган түрдүү илимий-практикалык конференцияларда жарыяланып, басмадан

чыккан: Изилдөөнүн негизги мазмуну 15 илимий макалада чагылдырылып, анын ичинен Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясы сунуштаган мезгилдүү басылмаларда 13 макала, РИНЦ системасы аркылуу индекстелүүчү чет элдик журналдарда 2 макала жарык көрүп, импакт-фактору 0,1ден кем эмес журналдарда 2 илимий макала жарыяланды.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү.**

Иш киришүүдөн, үч баптан, баптар боюнча жыйынтыктардан, жалпы корутундудан, пайдаланылган адабий булактардын тизмесинен, интернет ресурстарынан жана тиркемеден турат. Иштин жалпы көлөмү 202 бет.

**Киришүүдө** иштин актуалдуулугу негизделип, максаты, милдеттери көрсөтүлүп, илимий жаңылыгы, коргоого коюлуучу негизги жоболор берилип, алынган натыйжалардын колдонуу чөйрөсү аныкталып, алардын апробациясы, жарыяланышы жана иштин түзүмү тууралуу маалыматтар берилген.

**1-бап. "Изилдөөнүн илимий - теориялык өбөлгөлөрү"** деп аталып, аталган бапта тууганчылык терминдердин жалпы тил илиминде, түркологияда жана кыргыз тил илиминде изилденишине сереп салынды.

**1.1. Тууганчылыкка байланыштуу аталыштардын жалпы тил илиминде изилдениши.**

Тууганчылыкка байланыштуу аталыштар алгач ирет америкалык илимпоз, этнолог Л. Г. Морган тарабынан Түндүк Американы мекендеген индей урууларындагы туугандык байланыштардын мисалында изилдөөгө алынган. Атап айканда, автор өзүнүн "Байыркы коом" деген эмгегинде алгачкылардан болуп тууганьдык байланыштарды классификациялык жана дескриптивдик системаларга бөлүп караган.

Тууганчылыкка байланыштуу колдонулган лексикалык каражаттар тил илиминен тышкары, тарыхый-этнографиялык, этнологиялык, социолингвистикалык өңүттөрдөн изилдөөгө алынгандыгын белгилөөгө болот. Маселен, окумуштуу Клара Вавра (1970) тарабынан венгер тилинин материалында тууганчылык терминологиясы иликтенген. Мындан тышкары аталган эмгекте туугандык байланыштар жана аларды туюндурган лексикалык каражаттар, тууганьдыктын биологиялык, социалдык факторлорго негизделген өңүттөрү каралган.

Сөз болуп жаткан маселелер боюнча О. Н. Трубачевдун (1959), ошондой эле жогоруда аты аталган К. Вавранын классификациялары белгиленип жүрөт. Андыктан тууганчылык терминдери өздөрүнүн түз маанилеринен тышкары, ар кандай семантикалык катмарлануу менен жылышууларга кириптер болуу менен, төмөндөгүдөй үч өңүттөн каралат:

1) структуралык өзгөчөлүктөрү;

2) алардын маанилери;

3) колдонулуш өзгөчөлүктөрү.

Мындан тышкары тууганчылык терминдеринин хронологиялык макамдары, б.а., алардын генетикалык жана тарыхый мүнөздөмөлөрү да иликтенет. Мындай жагдай тууганчылык лексиканын тигил же бул тилдик жамааттын жашоосуна байланышкан конкреттүү тарыхый, маданий, социалдык контекстте каралуу зарылдыгы аркылуу түшүндүрүлөт. Ал эми тууганьдык мамилелердин үй-бүлөнүн, жалпы эле коом турмушунун, улам татаалдашкан социалдык мамилелердин контекстинде иликтөөгө алган окумуштуулардын катарына Р. Лоуи [1928], У. Риверс [1914], П. Кирхгоф [1955] өңдүү окумуштууларды кошууга болот.

## 1.2. Тууганчылык терминдеринин лингвистикалык түркологияда изилдениши.

Тууганчылыкка байланыштуу терминдер тилдик башка каражаттардай эле таза лингвистикалык өңүттөн бир тилдин чегинде, ошондой тилдердин лексикалык каражат-ресурстарын салыштыруу менен эки же андан көп тилдердин чегинде изилденип келген. Маселен, мындай эмгектерге А. А. Машрабовдун "Значение терминов родства и их выражение в кыргызском и узбекском языках» ( 2000), Л. С. Кара-оолдун тува тилиндеги тууганчылык терминдерине арналган изилдөөлөрүн (2004), Л. А. Гаджиеванын "Термины родства и свойства в кумыкском и турецком языках" (2009), Е. Н. Мурадымованын "Термины родства в лингвокультурологическом аспекте" (2014), Ч. Ж. Мусаеванын "Функционально-семантическое поле со значением "родства" в русском и кыргызском языках" (2023) өңдүү бир катар изилдөөлөрү белгилүү.

Мындан тышкары сөз болуп жаткан багытта А. А. Калужнин, Э. Ф. Скороходько, А. И. Моисеев, О. С Чесноков ж.б изилдөөчүлөрдүн эмгектери бар экендигин кошумчалоого болот. Ал эми түркология жаатында тууганчылык терминдерин ар кайсы түрк тилдеринин материалында изилдөөгө алган бир катар окумуштуулардын фундаменталдуу эмгектери бар экендиги маалым. Алардын ичинен А. А. Покровскаянын "Термины родства в тюркских языках" (1961), А. Н. Кононовдун "К этимологии слов ogul "сын" (1958), К. М. Мусаевдин "Термины родства в современных западно-кыпчакских языках" (1972), "Лексика тюркских языков в сравнительном освещении" (1975), Э. В. Севортяндын "Этимологический словарь тюркских языков" (1974), Г. Джафаровдун "Употребления и изменения в значении терминов родства в современном азербайджанском языке" (1968), И. Исмоиловдун "Термины родства в тюркских языках" (1966), М. Ш. Саидованын "Лексико-семантический анализ терминов родства наманганских говоров" (1972) аттуу бир катар эмгектерди бөлүп көрсөтүү менен, алардын басымдуу көпчүлүгү айрым түрк тилдериндеги тууганчылык терминдерин салыштырып изилдөөгө арналгандыгын белгилөөгө болот.

Ошону менен бирге түрк тилдер тобуна кирген айрым тилдердеги тууганчылыкка байланыштуу лексикалык каражаттар С. Ф. Миржанов, Х. Г. Юсупова, Ш. Ш. Сарыбаев өңдүү изилдөөчүлөр тарабынан каралган.

Жалпылап айтканда, жогоруда саналып өткөн окумуштуулардын эмгектеринде тилдик, этнографиялык жана лингвомаданият таануучулук аспектилер басымдуулук кылгандыгы байкалат.

## 1.3. Тууганчылык терминдеринин кыргыз тил илиминде изилдениши.

Кыргыз тил илими жаатында тууганчылык терминдери кыргыз тилинин лексикологиясы, диалектологиясы боюнча жазылган илимий эмгектердин көпчүлүгүндө лексика-тематикалык топторго байланыштуу темалардын алкагында каралып келген. Андай эмгектерге Б. М. Юнусалиев [1959], К. К. Юдахин [1965], Б. О. Орузбаева [1970], С. Сыдыков [1991], Ч. Дыйканова [1991], М. Толубаев [1991], Ш. Жапаров [2012] өңдүү окумуштуулардын изилдөөлөрүн киргизүүгө болот. Ал эми кыргыз тилиндеги тууганчылык терминдери атайын изилдөөнүн объектиси катары синхрондук тектештирме өңүтүнөн А. А. Машрабов [2000], Мурадымова [2010], Ш. Ж. Эржигитова [2016], С. С. Жумалиев [2021], Ч. Ж. Мусаева [2023] өңдүү авторлордун изилдөөлөрүн киргизүүгө болот.

## 1.4. Тууганчылык терминдеринин англис тил илиминде изилдениши.

Тууганчылыкка байланыштуу атоолордун генезиси адамдын жаралуу процессине,

ошону менен бирге ар кандай коомдук формациялардагы үй-бүлөлүк мамилелерге түздөн-түз байланыштуу экендигин чет элдик окумуштуулар Л. Г. Моргандын [1933], Р. Лоуинин [1928], У. Риверстин [1914], П. Кирхгофдун [1955], Клара Вавранын [1970] эмгектеринде талданган. Таза лингвистикалык аспектиден тууганчылык терминдеринин фонетикалык, лексикологиялык, морфологиялык маселелери каралса, ал эми лингвомаданият таануучулук өңүттөн тууганчылык терминдери социалдык мамилелерди чагылдырган маданий код, улуттук спецификага түздөн-түз байланышкан каражаттар катары иликтенет.

Изилдөөнүн экинчи бабы "Кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылык терминдерин изилдөөнүн методологиясы, методдору жана материалдары" деп аталып, бул бап өзүнө үч бөлүмдү камтыйт.

**2.1. "Изилдөөнүн объектиси, предмети жана методдору".**

Бул бөлүмдө изилдөөнүн обьектиси, предмети, ошондой эле изилдөөнүн материалдары жана методдору жөнүндө маалыматтар берилди.

Изилдөөнүн материалдары кыргыз жана англис тилдеринин лексикографиялык булактары болгон "Англис тилинин түшүндүрмө сөздүгү", "Англисче-орусча сөздүк", "Кыргызча-англисче сөздүк", "Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү", "Кыргызча-орусча сөздүк", ошондой эле мурдагы бир катар терминологиялык сөздүктөр эсептелинет.

Изилдөө ишибизди жүргүзүүдө сыпаттама, синхрондук-салыштырма жана компоненттүү анализ, анализ жана синтез, индукция жана дедукция, салыштырма-тарыхый методдор колдонулду, ошондой эле изилдөөнүн зарылдыгына жараша аналогия, моделдештирүү, этимологиялык талдоо өңдүү усулдары пайдаланылып, системалаштыруу ыкмасын пайдалануу менен кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылыкка байланышкан терминдер тандалып алынып, алар системалаштырылып салыштырууга алынып, жалпы жана жеке белгилери аныкталды. Бул маселелер боюнча окумуштуулар тарабынан көз караш, концептуалдуу пикирлердин маңызын ачып берүүдө анализ жана синтез, сыпаттама методдор колдонулса, ар бир жеке тилдик фактыдан жалпы жыйынтыктарды чыгарууда дедукция, же, тескерисинче, жалпы жол-жобо, теориялык негиздерден жеке маселелерди карап тыянак чыгарууда индукция методу пайдаланылды. Тектеш эмес тилдердин айырмачылыктуу белгилерин аныктоо үчүн салыштырма-тарыхый метод колдонулуп, эки тилдеги тууганчылык терминдеринин пайда болуу, өнүгүү, калыптануу процесстери аныкталды.

**2.2. Изилдөөнүн теориялык жана иллюстрациялык негизги материалдары**

Изилдөө ишибизде окумуштуу Л.Г.Морган тарабынан туугандык байланыштарга карата берилген алгачкы классификация туурасында учкай кеп козголгон. Мындан тышкары туугандык мамилелерди үй-бүлөнүн, жалпы эле коом турмушунун, улам татаалдашкан социалдык мамилелердин контекстинде иликтөөгө алган Р.Лоуи, У.Риверс, П.Кирхгоф өңдүү окумуштуулардын аты аталып, ал эми тууганчылык терминдердин изилденишине арналган диссертациялык иштер катары М. Ш. Сарыбаева, Х. А. Аргынбаев, З. А. Битарова, А. А. Бурячок, К. И. Вавра, Э. М. Гусейнова, О. А. Дмитриева, А. В. Зарецкий, А. М. Кузнецов, А. Кулиев, А. А. Мулдагалиева, О. С. Чеснокова, И. М. Шарапова өңдүү жана башка бир катар авторлордун изилдөөлөрү аталып, алар ишибизде теориялык материалдар катары кызмат кылгандыгын белгиленген. Сөз болуп жаткан теориялык материалдарды иллюстрациялоо максатында көркөм чыгармалардан мисалдар келтирилген.

Атап айтканда, Ч. Айтматовдун "Жамийла" повестинен Т. Касымбековдун "Сынган

кылыч” тарыхый романынан,англис жазуучусу Ш. Бронтенин “Jane Eyre”, Ф. Х. Борнеттин “Сырдуу бак”, Гоусворси Ж. “Форсайт сагасы”, Харпер Ли “To kill a Mokingbird”, Ф. Скоттун “Тандалма чыгармаларынан” үзүндүлөр алынган. Мындан тышкары кыргыз тилиндеги *“байке”, “эже”, “эне”, “ата”, “уул”, “кыз”* сыяктуу бир катар терминдер этимологиялык жактан талдоого алынып, тиешелүү тилдик фактылар аркылуу иллюстрацияланган. *Андан соң Father – [ˈfa:ðə] [фазэ] – ата; Mother – [ˈmʌðə] [мазэ] – ana, эне; Sister – [ˈsistə] [систэ] – эже, сиңди; Brother – [ˈbrʌðə] [бразэ] – байке, ага , ини; Son – [sʌn] [сан] – уулу; Daughter – [ˈdɔ:tə] [до:тэ] – кызы; Twins [twɪnz] [твинз] – эгиздер; Parents – [ˈpeərənts] [пэрэнтс] – ата – эне; Sibling – [ˈsɪblɪŋ] [сиблин] – кандаш бир туугандар; He is my sibling. – Ал менин бир тууганым. She is his sibling. Ал анын бир тууган эжеси. They are siblings. – Алар бир туугандар; Husband – [ˈhʌzbənd] [хазбэнд] – күйөөсү, жубайы; Aina’s husband is my colleague. – Айнанын күйөөсү – менин кесиптешим; Wife – [waɪf] [вайф] – аялы, жубайы, зайыбы; She is his wife. – Ал анын зайыбы; Couple [kʌpl] [капл] – түгөйлөр; This couple is always together. – Бул жубайлар ар дайым бирге; Spouse [spaʊz] [споуз] – жубайлар, күйөөсү / аялы; He was invited with his spouse. – Аны жубайы менен чакырышты; Baby – [ˈbeɪbɪ] [бэйби] –* чүрпө, наристе, перзент, ымыркай өңдүү бир катар терминдер салыштырылып, маанилик аналогу жок айрым атоолор чечмеленип, түшүндүрүлүп берилген. Келтирилген көпчүлүк терминдер этимологиялык, семантика-структуралык, этнолингвистикалык жана лингвомаданият таануучулук өңүттөрдөн каралып, теориялык материалдардын мазмунуна ылайык иллюстрациялык материалдар да келтирилген.

**2.3. Кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылык терминдерин изилдөөнүн илимий-теориялык негиздери.**

Тууганчылык терминдери (ТТ) – ар бир тилдин негизги, түпкү, байыркы лексикалык тобу, катмары. “Тууган”түшүнүгү К.К.Юдахиндин сөздүгүндө төмөнкүчө түшүндүрүлөт: “1. Тууган – каны бирге тууганДык, бир туугандык, бир атадан тарагандык, тууган болуу; 2. Тектештик – түбү бирдик, түрдөштүк, окшоштук, турпатташтык”. зат. 1.Ага-ининин балдары, бир атанын балдары, бир уруудан таркаган адамдар. *Тууган күйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат* (макал). *Мукай менен Абаз жакын туугандардын балдары* (Таштемиров).[Юдахин, 1957:503]

Кыргыз тилинде тууганчылык терминдери ар башка маселелердин контекстинде каралган. Маселен, тууганчылыкка байланыштуу терминдер кыргыз тилинин тарыхый лексикасына байланышкан маселелердин контекстинде түрк тилдерине орток лексикага тиешелүү сөздөрдүн катарында каралган [Машрабов,2000:112]. Мындан тышкары тууганчылыктын патрилиниялуу системасында негизги, борбордук термин катары эсептелген “ата” термини С.С. Жумалиев тарабынан *ата – ети – эт* деген зат атоочтук уңгуну *эт* этиши менен семантикалык жалпы байланышта каралган. Анын оюу боюнча, жаратылыштын табигый мыйзамы боюнча эркек затына жаратуучулук касиети таңууланган (кыймыл-аракет). Экинчиден, адамзат коомунда атага үй-бүлөнү багуучулук,бүлө мүчөлөрүн турмуш жолуна салуучулук милдеттери да жүктөлгөн (балдарын үйлөнтүү, кыздарын турмушка берүү ж. б.) [Жумалиев, 2015:63]. Ошону менен эле бирге *ата* уңгусунан жасалган *аталык* сөзүнө да талдоо жүргүзүлгөн.

*Аталык* – байыркы кыргыз (түрк) термини. Термин *ата болду, аталык кылууга ээ болду* маанисин туюнтат. Баланы башка бирөөнүн колуна тарбиялоо үчүн берүү, тууган-туушкан болуунун бир формасы. Өткөн доорлордо тектүү үй-бүлөлөр балдарын атайын тарбиялоо максатында карапайым адамга же башка бир үй-бүлөгө тапшырган

учурлары кездешкен. 19-к. Кокон хандыгында аталык башкаруу институту болгондугу маалым. Кокон сарайында кыргыздардын белгилүү мамлекеттик саясий ишмерлери Нүзүп бий, Мусулманкул, Алымкул аталык, Алымбек даткалар кандар үчүн аталык функцияларын аткаргандыктары белгилүү [Жумалиев,2015:218].

*Маселен, аталык түшүнүгүн тарыхый чыгармалардан кезиктирүүгө болот: – О, хазрати... Бийлик эгеси паша... Бирак ... – деп, эритип тартып сүйлөдү. – Бирак, паша, демек бийлик эгеси, мамлекет ишин кудайдын каалоосундай жүргүзүп кетүүгө акылы толбогон жаш болсо, ушул учурда мамлекеттин пайдасы үчүн, ошол мамлекетте күн көрүп турушкан мусулмандардын тынччылыгы үчүн, башка бир акылга дыйкан, ишке каныk адамды ханга аталык бийлигине чакырса болот... (Т.Касымбеков, 1998:251).*

Индоевропалык тилдерде туруктуу сөз: санскрит *bhrátár*, грек *phratér*, латын – *frater ж.б.* Бирок венгр тилиндеги *barát* славян тилинен, түрк тилиндеги *birader* перс тилинен киргени белгилүү. Маселен, индоевропа тилдеринде “brother” термини “*$b^h$réh₂tēr*” (же *bhrātēr*) деген байыркы праформадан келип чыккан. Бул сөз көптөгөн тилдерде бир аз өзгөрүүлөргө дуушар болгон, бирок мааниси бирдей бойдон калган: латынча – *frater,* грекче – *φράτηρ* (*phrátēr*) – санскритче –(*bhrātṛ*) башында “*бир тууган*” эмес, “*туугандардын союзу*” деген мааниде колдонулган.

“I had *two brothers*, both older than me,both bachelors, both away at the front, and there had been no word from either for a long”.(Jamila, Selected stories Ch.Aitmatov,2000:5) – “Менин *эки агам*,экөө тең үйлөнө элек,согушка кеткен боюнча кабар жок “(Жамийла.Ч.Айтматов Чыгармаларынын он томдук толук жыйнагы.Б-2018.111-б).

Тил илиминин тарыхынан белгилүү болгондой, тууганчылыкка байланыштуу лексика дээрлик бардык тилдердин базистик лексикасына тиешелүү катмар катары эсептелет. Андыктан тууганчылыкка байланыштуу тилдик каражаттар тилдик эволюциянын баштапкы этаптарында жаралгандыгы туурасындагы палеолингвистикалык ойлор туугандык байланыштардын адамзат коомунун социалдашуусунда эң башкы фактор катары роль ойногондугу аркылуу түшүндүрүлөт. Кыргыз тилиндеги тууганчылык терминдеринин басымдуу көпчүлүгү лексикалык семантикага ээ болгондуктан, кеңири чөйрөдө колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ, ал эми англис тилинде жалпы мааниге ээ.

Изилдөөнүн үчүнчү бабы “Кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылык терминдеринин семантика-структуралык жана семантика-функционалдык өзгөчөлүктөрү” деп аталып, ал беш бөлүмдөн турат. Аталган бапта изилдөөнүн кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылык терминдердин жасалуу, колдонуу жолдору, этимологиясы жана алардын гипереномиялык, гипонимдик, согипонимдик, гетеронимиялык маанилери, тууганчылык атоолорду ономасиологиялык аспекти жана айрым топонимикалык жерлердин аталыштары боюнча иликтөө жүргүзүлөт.

### 3.1. Кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылык терминдеринин жасалуу жолдору жана колдонулушу.

Кыргыз жана англис тилдеринин сөздүк материалдарын жана алардын өз ара байланышын салыштырып изилдөө ар түрдүү структуралуу тилдерди салыштырма-типологиялык изилдөөнү андан ары өнүктүрүү үчүн чоң теориялык жана практикалык мааниге ээ, ошондой эле каралып жаткан тилдерде жаңы тилдик фактыларды табууга өбөлгө түзөт. Кыргыз жана англис тилдеринде дээрлик бардык кандаш туугандары бир сөз менен аталат – ата, эне, эже, байке. Бир компоненттен турган жөнөкөй аталыштарга *ата – father, апа – mother, сиңди–sister, ага, ини, байке – brother, тайке – uncle, тайжеңе – aunt, жээн – nephew, бөлө – cousin* ж.б. аталыштары кирет.

Англис тилинде *абысын, балдыз, кайни, бажа, кайнага, кайынэжe* деген сөздөрдүн котормосун таба албайбыз. Эки же андан ашык компоненттерден турган татаал аталыштарга: *чоң ата, тайата/эне, таене – grandfather/mother (grandpa/granny)*, белгилей кетчү нерсе тайата, тайэне деген сөздөр англис тилинде деле *grandfather/mother (grandpa/granny* –кайын ата–father-in-law, кайын эне – mother-in-law, күйөө бала – son-*in-law, өгөй эне / ата /кыз / бала–stepmother / father / daughter / son, асыранды бала / кыз – adopted son/daughter* кыргыз тилинде бир компонент болуп, англис тилинде эки же андан көп болгон учурлары дагы кезикпей койбойт. Мисалы: *жеңе – sister-in-law, жезде – brother-in-law, келин–daughter-in-law , небере – granddaughter/son.*

Эки сөз биригип бир маанини берет: *кайын ата - father-in-law, кайын эне - mother-in-law* кыздын же баланын ата -энесин атайбыз, ал эми англис тилинде сөзмө-сөз которгондо *мыйзамдуу ата / апа* деп сөзмө- сөз которулат.

Кыргыздар жалпы колдонуу үчүн иерархиялык типтеги тууганчылык терминологияны колдонушкан: *ата–чоң ата –баба– буба.* "Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө" жогорку жана төмөнкү вертикаль боюнча жыйырмага жакын аталыш көрсөтүлөт. Бул аталыштар ирреттик белгини талап кылбаган курама жана диалектилик экени айтпаса да түшүнүктүү. Негизги «жети ата» сөздүк уясында мындай берилет: Ата (father). 2. Чоң ата (grandfather). 3. Баба (first grandfather). 4. Буба (second grandfather). 5. Кубаары (third grandfather). 6. Жото (fourth grandfather). 7. Жете (fifth grandfather). [Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү, 2011].

Кыргыз тилинде «небере» термини көп маанилүү сөз болуп лексикалык форма менен берилип англис тилиндегидей grandson (уул небере), granddaughter (кыз небере) деп айтылбайт. Жынысына карабай, *небере, жээн небере* деп кыздын кызы же уулу, эне тарабындагы туугандар аташат, себеби кыргыз элинде уулунун небереси кыздын балдарына караганда жакыныраак деп эсептелинет.

*Кыргыз маданиятында тууганчылык терминдерде кийинки жети муунду билүү зарылчылыгы бар. Мисалы алар: 1) бала, 2) небере, 3) чөбөрө, 4) кыбыра, 5) тыбыра, 6) чүрпө, 7) урпак, ...., туяк деп уланып кете берет.*

Британ маданиятында жаңы төрөлгөн бала, кызды чиркөөдө сууга чөмүлтүү салты өкүл ата – *godfather* [ˈgɒdfɑːðə], өкүл эне – *godmother* [ˈgɒdmʌðə] же өкүл апа, өкүл бала – godson [ˈgɒdsʌn], өкүл кыз – *goddaughter* [ˈgɔddɔːtə] шайлоо салты менен коштолсо, кыргыздарда жаш жубайлар үйлөнгөндө – *өкүл ата, өкүл эне* шайланат. Кандаш жана кандаш эмес тууганчылык аталыштар кыргыз тилинде дээрлик дайыма бир сөз менен берилсе (эки бир тууган ага ж. б.); англис тилиндеги биринчи багыттагы туугандык атоолор жөнөкөй сөздөр менен берилет (*father, sister* ж. б.), ал эми кандаш эмес туугандар (*father-in-law* ж. б.) татаал сөздөр менен берилет.

**3.2. Кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылык терминдеринин семантика-структуралык өзгөчөлүктөрү.**

Бул бөлүмдө кыргыз жана англис тилдеринин ортосундагы тууганчылык терминдердин жалпылыктары менен айырмачылыктарына байланыштуу маселелери иликтенген. Мисалы, кыргыз тилинде "тууган" (нике боюнча тууган), *кудача, аяш эне/ата*, жакынкы жана алыскы туугандар. Англис тилинде мындай түшүнүктөрдүн аналогдору дайыма боло бербегендиктен улам алар англис тилине чечмелөө, түшүндүрүү жолдору аркылуу которулат.

*Байбиче* термини бир нече аялдуу кишинин эң улуу аялы, андан кийинки аялдары токол деп аталат. *Байбиче* деп сыйласа, кемпирдин көркү чалында… (Айтматов, 2018:503).

Байбиченин статусу жогору, үй-бүлөдө дээрлик бардык маселелер байбиче аркылуу чечилет, ал эми токолдун мүмкүнчүлүгү чектелүү, үй кызматын жасаган аялды элестетсек болот.

Мисалы: -Байбиче, *чочубай эле коюңуз Сейит турганда…* (Айтматов, 2000:57)

*…now, Don't worry, baibiche Seit will take good care of her* (Айтматов, 2000:19)

*Baibiche_*- the mistress of the house. Бул мисалда *байбиче* сөзүнүн англис тилинде – *(the mistress) (кожойке*) эквиваленти жок болгондуктан *baibiche* деп кыргыз тилиндегидей кайрылуу иретинде берилген жана сүйлөмдөн кийин түшүндүрмө берилген. Мындай мисалдарга, *аталаш* (атасы бир энеси башка), *энелеш* (энеси бир атасы башка) ж.б.у. сөздөрдү кошууга болот.

Бул кыргыз маданиятына гана таандык туугандык жакындык терминдер, ал эми Британ маданиятында жат көрүнүш.

3.3.Кыргыз жана англис тилдериндеги айрым тууганчылык терминдеринин этимологиясы, алардын гиперономиялык, гипонимиялык, гетеронимиялык маанилери. Бул бөлүмдө туугандык терминдеринин гипонимиялык, гиперонимиялык табияты каралган. Көптөгөн тилдердин, анын ичинде кыргыз жана англис тилдеринин материалында аталган маселелер толук изилденбегендиктен, лексиканын айрым катмарларынын сөздөрүнүн гипер-гипонимикалык байланышы азыркы тил илиминин актуалдуу маселелеринин бири болуп саналат. Гиперонимдер-гипонимдерден турат, алар – сөздөр же сөз айкаштары. Алсак, гипонимикалык мамилени төмөнкү мисалдардан байкоого болот.

Кыргызча тууганчылык аталыштардан *ата – баба* гипероним болсо, *ата, чоң ата*, ошондой эле *атасы* жана *энеси* гипонимдер болсо, гипероним *ата-эне*, англис эквиваленти *father* жана *grandfather* ата тарабынан *чоң атасына* карата *ancestors, grandsires* гиперроними, ошондой эле *mother, father* гипоними *parents* гиперонимин пайда кылат.

Гетероним (грек тилинен *ἑτερώνυμος* heterṓnymos < *ἕτερος* – башка + *ὄνομα* – атоо; англ. *Heteronym*). – бирдей маанидеги, бирок ар башка формада колдонулган сөздөр. Мисалы, *эне – апа*, экөө тең энени билдирет, бирок тилдик контекстке жараша колдонулат.

*Ата – чоң ата* биринчи сөз атаны билдирсе, экинчиси чоң атаны билдирет. Кыргыз тилинде илгертен бери ар бир жигиттин үч журту бар деп айтылып келет: ата журту (ата тарабындагы *тууган-туушкандары, агалары, жеңелери*), тай журту (*тайке, тайэже, бөлөлөр)* жана кайын журту (*кайын ата, кайын эне, абысын, бажа, кайын эже, балдыздары*). Биз кыргыз тилине салыштырып жаткан англис тилинде *абысын,бажа, байбиче, кудагый, кудача* өңдүү тууганчылык терминдери кездешпейт. Гетеронимдер жана алардын байланыштары гипонимдерге жана алардын мамилелерине мүнөздүү боло бербеген лексикалык супплетивизмдин негизинде пайда болот.

Учурда лексикалык супплетивизм ар кандай сөздүк бирдиктин ассоциациясына негизделген бири-бирине парадигмалык семантикалык микросистеманы түзүшөт. Маселен, кыргыз тилинде *ата – атасы, апасы – энеси, эжеси - улуу эжеси, – сиңди (улуу эжеси кичүүсүнө карата айтылат) карындаш – (эркек бир тууган агасы кичүү кыз бир тууганына карата айтылат), ага, байке, аке, ака -улуу агасы, ини/үкө – кичүү иниси;* англис тилиндеги *father – атасы, mother – энеси, elder, older sister – эжеси, little sister – кенже карындашы, сиңдиси, elder, older brother– агасы, байкеси – little brother* – иниси өңдүү гетеронимикалык мамиледе жупташкан сөздөр пайда болот. Гетеронимдик жуптардын ар бири бири-бирине карата бир орундуу функционалдык-семантикалык мүнөздөмөгө ээ боло тургандыгы *журт атасы, агайын-туугандар, ат казык* ж.б.у.с.

сөздөрдөн байкалат.

### 3.4. Кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылык аталыштардын ономасиологиялык аспектиси.

Бул бөлүмдө тууганчылык терминдери ономасиологияга түз же кыйыр түрдө тиешелүү тилдик фактылардын мисалында каралды. Тилдик фактыларды изилдөөнүн ономасиологиялык өңүтү түркологиядагы жаңы багыттардын бири болгон функционалдык лингвистиканын негизги принциби болуп саналат. Кыргыз тилинин антропонимикасында адамдардын он миңдеген энчилүү аттары, фамилиялары, лакап аттары бар, алар материал чогултуу, аны системалаштыруу жана ар кандай маалымдамаларды, сөздүктөрдү жарыялоо жагынан дагы изилдөөгө бир катар зарылчылыктар аркылуу шартталган. Бүгүнкү күндө алардын бири кыргыз фамилияларынын курамында, ошондой эле энчилүү аттардын компоненттеринде кездешет. Маселен, кичүү уулунун мураскер катары макамы, ата-энеси тарабынан көпчүлүк учурда өзгөчө астейдил мамилеге ээ болуусу энчилүү аттардын жаралуусуна негиз болгон деген ойдобуз. Маселен, эркек балага коюлган ысымдар: *Кичине (варианты:Кенже), Кенжебай Кенже+бай, Кенже+кул* «кичине + Алланын кулу», *Кенжемырза Кенже+мырза, Кенжебек Кенже+бек,“бек* – түзүүчү компонент, кан тукумунун ысымдарынан кийин колдонулган наам, ошондой эле ысымдан мурун колдонулган ар кандай сабаттуу адамдын наамы”.

Кыздардын дагы Кенже сөзү менен ысым коюлат, мисалы, Кенжебийке, Кенже + бийкеч “кичүү + ханыша”, Кенжекан, Кенже+ кан “кичүү + *кан”*, кичүү башкаруучу,титул, Кенжебү, Кенже+бү. Антропоним Кенжетай, (тай – кичирейтип эркелетүү суффикси) эки жыныстыкта тең бирдей колдонулат. Көптөгөн англис антропонимикалык фамилияларында “мындайдын уулу” дегенди билдирген – son морфемасы бар. Диксон – Диктин уулу, Эбботсон – Эбботтун уулу, Томпсон – Томдун уулу.

Шотландиялык тоолуу аймактардын тургундары Mac – “уул” префиксин колдонушат: Маккартни – (McCartney), Мак Грегор – (McGregor), белгилүү Макдональд (McDonald) – Дональдтын уулу болуп чыкты. Ал эми кыргыз тилинде Азамат уулу Тилек, Самат кызы Чолпон, Сабыржан Чойбек тегин деп сейрек болсо да колдонушкан. СССРдин мезгилинде орус тилинин үстөмдүгүнүн негизинде жалпы -ова, -ов, тактап айтканда, Алишов, Сапарбаева, Чомоев деп атасынын атын бурмаланган, азыркы күнгө чейин бул бурмалоодон арыла албай, жада калса тилдик нормадай каныбызга сиңген.

Бул маселеге күбө, кыргыздын байыркы улут катары өзүн таанууга, нукуралыгына кайтуу, жоготууну ордуна коюуу максатында Жогорку Кеңештин спикери Нурланбек Шакиев атасынын атын Тургунбек уулу деп өзгөртсө массалык маалымат каражаттардан, интернет айдыңынан сындагандар да кездешти. Ошондуктан, тууганчылык терминдеринин иштөө механизми, тууганчылык терминдеринин антропонимия менен байланышы кыргыз тилиндеги энчилүү аттардын өнүгүшүнүн жүрүшүнө көрүнүктүү таасирин тийгизди. Тууганчылык терминдердин топонимдер катары колдонулушу жөнүндө айтпай коюуга мүмкүн эмес.

Жыйынтыктап айтканда, эквивалентсиз тилдик каражаттар тектеш эмес тилдерге которулганда, семантикалык бурмалануулларга дуушарланышы мүмкүн, ошондуктан бул тилдик каражаттар бир улуттун башка улуттан айырмаланып өзүнүн өзгөчө бир маданий карым-катнаш белгилери бар экендигин келтирилген мисалда, атап айтканда, *байбиче – токол, кичи апа, кайни* терминдеринен көрө алабыз. Англис тилиндеги кандаш эмес туугандарга карата колдонулган атоолор бар. Кандаш эмес туугандар адамдын жашоосунда акырындык менен, ар кандай турмуштук жагдайларга байланыштуу пайда

болот. Маселен, үй-бүлө куруу менен жубайлардын туугандары эки тараптуу туугандык мамилеге киришет.

**3.5. Кыргыз жана англис тилдериндеги туугандык терминдерге байланыштуу айрым топонимикалык аталыштары.**

Топонимикалык изилдөөлөрдүн география үчүн чоң мааниси бар экендигин эч ким жокко чыгарбайт. Ал эми биздин изилдөөбүздө топонимдердин ТТ аркылуу аталышы кыргыз тилинде жана англис тилинде көп кездешет.

Эки же андан ашык компоненттерден турган топонимдердин бири (Бала Саруу, Жээн кыштоо, Кыз Күйөө) аныктоочтук, зат атоочтук милдетти аткарса, экинчиси аныкталгыч болуп турат. Ал эми бир сөздөн турган топонимдер көп учурларда грамматикалык оңдоп түздөө жолу менен эллипстик мүнөзгө ээ болуп, аныктоочтун да, аныкталгычтын да милдетин аткарып кала берет.

Ал эми, аз болсо да, кээ бир учурларда, ТТда *Кемпир Өлдү, Балам калды* деген сыяктуу толук сүйлөм түрүндөгү синтаксистик түзүлүштөр кездешет.

"Балам калды" – капчыгайы – Кыргызстандын Туштук регионунда Кара Шоро жаратылыш паркында жайгашкан. Бул капчыгайда тээ илгери бийик тоо арасында бир келиндин колундагы кичинекей баласы колунан түшүп , көз алдында чоң сууга агып кетет. Эне жоготкон ымыркай баласынын күйүтүнө чыдабай,ыйлап жүрүп, ар убак ушул жерде балам калды...... деп келе берчү дешет,кийинчерээк көпкө ооруп, көз жумат экен. Ошол окуядан кийин ал капчыгайды эл арасында "Балам калды" деп атап коюшкан деген эл оозунда кеп бар.

Топонимдерди түшүнүү, аларды жараткан этникалык топ менен байланышын аныктоо, алардын пайда болушундагы кыргыз жана англис тилдердин өз ара байланышынын ролуна баа берүү, топонимдердин бир элден экинчи элге өтүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдөө, географиялык терминологияны талдоо маселелери жана табигый реалдуулук менен байланышкан лексика азыркы учурда эң актуалдуу болуп саналат.

ТТлар көбүнчө үй-бүлөлүк мамилелер менен жердин өздүгүнүн ортосундагы терең байланышты чагылдырат.

Англис тилинде туугандык топонимдер "Атанын каньону" сыяктуу ойлондуруучу ысымдардан тартып, "Эже булуңуна" чейин, өткөндүн социалдык-маданий түзүлүшүнө жана адамдардын үй-бүлөлүк байланыштарды айлана-чөйрөгө байланыштыруу жолдоруна көз чаптырып турат. Туугандык терминдердин англисче топонимдери бул – *эне, ата, бир тууган, эже, таяке, таеже* жана башкалар сыяктуу үй-бүлөлүк мамилелерди билдирген сөздөрдү камтыган географиялык өзгөчөлүктөрдүн аталыштары бар.

Мындай топонимдер көбүнчө уламыштар, фольклор же тарыхый окуялар менен байланыштырылат. Мисалы: 1. *Mother Shipton's Cave* – Англиянын түндүк Йоркшир графтыгында жайгашкан бул ысым 16-кылымдагы легендарлуу пайгамбар аял Шиптон энеге байланыштуу. Легендага ылайык, ал ушул үңкүрдө жашаган жана анын аты мистика жана сыйкырчылык менен синоним болуп калган.

Мисалы: Эне багы – "One afternoon when they were all working in the garden, the door of the *Mother garden* was opened and a woman came quietly in. 'It's Dickson, and ran towards her." (F. H. Burnett, The Secret Garden, 1994:60) Мындай топонимдерди изилдөө алардын этимологиясы жана семантикалык мааниси жөнүндө тереңирээк түшүнүк гана бербестен, убакыттын өтүшү менен коомдук өзгөрүүлөрдү издөөгө жардам берет.

Жыйынтыгында, аймактык топонимдерге кайрылуу кокусунан эмес – акыркы он

жылдыкта изилдөөчүлөрдүн региондук жана диалекттик материалдарды изилдөөгө кызыгуусу байкалууда. Тил илиминин арсеналында бар лингвистикалык материалды изилдөө ыкмалары өзүнчө аймактын лингвистикалык терминдер менен сыпаттамасын берүүгө, анын ичинде белгилүү бир аймактын топонимикасынын калыптанышындагы мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоого мүмкүндүк берет. Демек, тууганчылыкка байланышкан лексикалык бирдиктерди которууда эки тилдеги тилдик шайкештиктерден сырткары, котормого кириптер болгон тилдик жамааттардын маданиятын, менталитетин дагы жеткиликтүү деңгээлде билүү зарылдыгы жарала тургандыгы маалым.

**Илимий иштеги коргоого коюлуучу жоболордун негизинде жыйынтыктар чыгарылды:**

Ишибизде тууганчылык терминдердин семантика-функционалдык табиятындагы жалпылыктар менен айырмачылыктар аныкталып, алардын колдонулуу чөйрөлөрү контрастивдик өңүттөн изилдөөгө алынып, алардын кыргыз жана англис тилдериндеги семантика-функционалдык табиятын, тексттик алкактагы коммуникативдик потенциалын изилдөөдөн соң төмөндөгүдөй жыйынтыктар, натыйжа-тыянактар алынды.

Туугандыктын көптөгөн биологиялык, социалдык мамилелерине ылайык, ар кайсы элдердеги тууганчылык терминдеринин ырааты ар башкача жайгаштырылган. Мындай “катмарлануу” ыкмасы тууганды к системанын ар бир элдеги өзгөчөлүгүн аныктай тургандыгы кыргыз жана англис тууганчылык терминдеринин семантика-структуралык, семантика-функционалдык табияты изилденип, конкреттүү тилдик иллюстрациялар аркылуу көрсөтүлдү.

Тууганчылык тутуму үй-бүлөлүк мамилелердин ар кандай түрлөрүнө карата колдонулган терминдер менен, ошондой эле белгилүү бир социалдык мамилелер тутуму менен байланыштуу экендиги кыргыз жана англис тилдериндеги тилдик иллюстрациялардын мисалында талдоого алынган.

Кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылык терминдеринин системасынын өнүгүшүнүн жалпы тенденциялары полисемиянын пайда болушунан, терминдердин пассивдүү лексикага, атап айтканда, архаизмдерге айланышынан, тууганчылыктын конкреттүү терминдеринин сандык кыскарышынан, алардын маанилеринин семантикалык трансформацияларга кабылышынан байкала тургандыгына да тиешелүү мисалдар келтирилген.

Кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылык иерархиясы тарыхый, маданий, биосоциалдык факторлорго түздөн-түз байланыштуу экендиги тууганчылык терминдеринин функционалдык-семантикалык талааларынын салыштырылышы аркылуу аныкталган жалпылыктардын, универсалийлердин, ошону менен бирге улуттук бөтөнчөлүктөрдүн, уникалийлердин тилдик иллюстрациялардын мисалында ар тараптуу иликтениши аркылуу тастыкталган.

Мындан тышкары тууганчылыктын кыргыз жана британ маданияттарындагы патрилиниялуулугу каралып, анын кыргыз тилиндеги туруктуу мүнөзү талдоого алынган.

Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң рахмат!

**Төрага, филология илимдеринин доктору, профессор Ч. К. Найманова:** Рахмат, Изат Култаевна! Эми диссертантка сурооloруңуздар болсо берсеңиздер. Сын-пикир, сунуштарды суроолордон кийин билдиребиз.

**Филология илимдеринин доктору, профессор А. Н. Сыдыков:**

Изат Култаевна менде мындай суроо бар, аялдар жагынан тууганчылык терминдердин англис тилиндеги айтылыштары кыргыз тилиндеги терминдерге эквивалент

боло алабы?

**Диссертант И. К. Алишова:**

Суроонузга чоң рахмат, Анарбай Намитаевич! Ооба, кээ бир учурларда аялдарга тиешелүү тууганчылык терминдер англис тилинде кыргызча эквиваленттерине жакын келишет. Бирок толук жана так эквивалент болбойт, анткени бул эки тилдин лингвомаданий өзгөчөлүктөрү, социалдык түзүлүштөрү, жана семантикалык тереңдиги ар башка.

Мисалы, кыргыз тилинде “жеңе”, “кайынэже”, “абысын” сыяктуу аялдык туугандык мамилени так билдирген сөздөр бар. Бул терминдердин ар бири аялдын үй-бүлөдөгү ордун, жаш курагын, жана социалдык мамилесин чагылдырат.

Англис тилинде болсо көп учурда мындай так бөлүнүү жок. Мисалы: sister-in-law – бул сөз кыргызча “жеңе”, “кайын эже” же “абысын” дегендердин бардыгына жалпылап колдонула берет. mother-in-law – “кайнене”, aunt – “эже”, “жеңе”да болушу мүмкүн, “тай эже”, “эже” да болушу мүмкүн.

**Филология илимдеринин доктору, профессор П. К. Кадырбекова:**

1) Изат Култаевна, мен бир-эки суроо бергим келип турат. Биринчиси, силердин илимий ишиңердин башка илимий эмгектерден эмнеси менен айырмаланат,өзгөчөлүгү эмнеде,себеби ушул убакка чейин туугандык терминдер боюнча көп эле эмгектер жазылып келген?

2) Экинчи суроом, кайсы англис жана кыргыз окумуштуулардын эмгектерин айта аласың?

**Диссертант И. К. Алишова:** Суроолоруңуз үчүн чоң рахмат, Памира Кадырбековна!

**1-суроого жооп:** Ооба, абдан туура айтасыз, туугандык терминдер тууралуу салыштырып келген илимпоздор бар. Алгачкылардан болуп карап жаткан изденүүчү деп айта албайбыз,себеби, туугандык терминдерди ар тараптуу карап, иликтеп башка тилдерге салыштырылып келген. Биздин илимий эмгегибиздин өзгөчөлүгү – алгачкы жолу кыргыз-англис тилинде салыштырылып жаткандыгы жана семантика-структуралык, семантика-функционалдык жактан иликтениши, ошондой эле туугандык терминдердин ономасиологиялык, антропонимикалык,топонимикалык жактан изилдөөгө алынышы болуп эсептелинет.

**2-суроого жооп:** Туугандык терминдер тууралуу алгачкы жолу Америкалык илимпоз, этнолог Л. Г. Морган урууларды, туугандык байланыштарды изилдөөгө алган. Аты аталган окумуштуунун эмгегине таянып, андан ары туугандык мамилелердин үй-бүлөнүн, коом турмушунун, улам татаалдашкан социалдык мамилелердин контекстинде иликтөөгө алган окумуштуулар Р. Лоуи, У .Риверс, П. Кирхгов, Малиновскийлерди атай кетсем болот. Ал эми кыргыз тилиндеги тууганчылык терминдерди синхрондук тектештирме өңүтүнөн 2000-ж биринчи жолу А. А. Машрабов, 2010-ж Е. Н. Мурадымова, 2016-ж. Ш. Ж. Эржигитова, 2023-ж. Ч. Ж. Мусаевалар тарабынан өзбек, орус, казак тилдерине лексика-семантикалык жактан салыштырууларын айтууга болот.

**Филология илимдеринин доктору, профессор Б. Ш. Усубалиев:**

1) “Дос айрылат, сөөк кайрылат” деп коюшат кыргызда. Сөөк жаңыртуу – кандай максатта же кандай зарылчылыктан жаралган? Ушуга окшогон этнографиялык фразеологизмдер англис тилинде барбы?

2) Карын бөлө, тай ата, буба, куба, жете, жото өз алдынча колдонулбайт, бирок

туруктуу сөз айкаштарында учурашы мүмкүн? Англис тилинде кыргыз тилинде учурабаган кандай тууганчылык терминдерин учурата алабыз?

**Диссертант И. К. Алишова:** Сурооңуз үчүн чоң рахмат, Бейшенбай Шенкеевич!

**1-суроого жооп:** Айрым элдерде, анын ичинде кыргыз элинде да, "сөөк жаңыртуу" деген сөз айкашы эки уруу, эки үй-бүлө же эки эл ортосунда жаңы туугандык мамиле түзүү, кудалашуу же куда болуу маанисин бере алат.

Мурда куда сөөк болгон адамдар менен экинчи жолу да кыз алышып,кыз беришип дагы кудалашуу,жаңы сөөк болушуу. Мис: Эркин, сөөк жаңыртуу биздин коомдун жаштарына жат калдыктын саркындысы экенин түшүнөсүңбү? Туугандык терминдерде "сөөк жаңыртуу" деген түшүнүк биологиялык эмес, бирок этнографияда же салттуу түшүнүктө колдонулушу мүмкүн. Эгер сиз туугандар арасындагы байланыш же туугандык мамиле кандайча калыбына келет же бекемделет деген мааниде сурап жатсаңыз, анда бул сөз метафоралык мааниде колдонулушу мүмкүн. Англис тилинде мындай түшүнүккө түз эквивалент жок. Бирок, англис маданиятында да үй-бүлөлүк байланыштарды сактоо жана бекемдөө маанилүү. Мисалы, "family reunion" (үй-бүлөлүк жыйын) түшүнүгү үй-бүлө мүчөлөрүнүн биригүүсүн билдирет, бирок бул "сөөк жаңыртуу" салтынын терең маданий жана социалдык маанисин толук чагылдырбайт.

**2-суроого жооп:** Кыргыз тилинде "карын бөлө", "тай ата", "жете", "жото" сыяктуу терминдер туугандык мамилелерди так жана терең чагылдырат. Бул терминдер көбүнчө туруктуу сөз айкаштарында колдонулат жана белгилүү бир туугандык даражаларды билдирет. Карын бөлө деген сөз эки бөлүктөн турат:

"Карын" – бул сөз эне жатынын, курсакты, боорду билдирет. Бул жерде символикалуу мааниде "боордон, энеден жаралган" деген терең биологиялык жана руханий байланыш түшүндүрүлөт."Бөлө" – бөлүнгөн, бөлүнүп чыккан, өзүнчө бутак дегенди туюнтат. Бул сөз бир түптөн тараган, бирок азыр башка үй-бүлөдө же башка тармакта жашап жаткан тууганды билдирет. Демек, "карын бөлө" – бул "бир боордош, бирок башка үй-бүлөдө чоңойгон адам" дегенди билдирет

Англис тилинде кээ бир уникалдуу туугандык терминдер бар, алар кыргыз тилинде түз эквивалентке ээ эмес.

**Филология илимдеринин доктору, профессор Б. Е. Дарбанов:**

Саламатсыздарбы, урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү! Изат Култаевна, менде мындай суроолор айда болду.

1. Эки тилдеги туугандык терминдер кандай маданий өзгөчөлүктөрдү чагылдырат?
2. Кандаш эмес туугандардан кан куда менен кул куданын айырмачылыгы кандай?
3. Туугандык терминдердин тарыхый өнүгүүсү эки тилде кандай багытта жүргөн?

**Диссертант И. К. Алишова:** Сурооңуз үчүн чоң рахмат, Бүркүтбай Ерматович!

**1-суроого жооп:** Англис жана кыргыз тилдериндеги туугандык терминдер салыштырмалуу түрдө ар башка маданий өзгөчөлүктөрдү чагылдырат. Бул айырмачылыктар үй-бүлө түзүмүнө, коомдук мамилелерге жана тарыхый дүйнө таанымга байланыштуу болот.

1. Кыргыз тилинде туугандык терминдер өтө так жана кенири колдонулат: ар бир туугандык мамиле өзүнүн өзүнчө аталышына ээ. Мисалы: *эже (карындаш, синди), ага, ини, жээн, кайын эне, таята, таене, бөлө, ж.б.* Бул кыргыз маданиятында туугандарды так ажырата билүү маанилүү экенин Англис тилинде туугандык терминдер жалпылаштырылган. Мисалы: uncle (тайке) байке, ага, aunt (тайжеңе) жене, тайжене, cousin (жээн, жээндин баласы ж.б.) эки бир туугандын балдары. Бул батыш коомдорунда

жеке инсандык, нукура үй-бүлө (nuclear family) маанилүүрөөк экенин чагылдырат. Көп учурда алысыраак туугандарга басым азыраак жасалат.

**2-суроого жооп:** Кыргыз маданиятында кан куда жана кул куда деп аташат, баш алган, баш берген деп да атайбыз. Кан куда – уулундун кайын атасы, себеби баш алып, урук-тукумум мындан ары өсөт, анын ордун эч нерсе менен алмаштырууга болбойт, башымды ийип кызмат өтөйм дегендик, канга теңеп, кулдук урат; Кул куда – кызындын кайын атасын атайбыз. Мисалы: *Кулдук уруп келет, жообу кулдугуңар кудайга, кудайга жаксаң мага да жагасың дегендик.* Азыркы кезде кан куда колдонулуп келет, бирок кул куданы дээрлик колдонбой келет. *Кул* десе башка мааниде, басмырлоо сыяктуу кабылдап колдонбой келебиз.

**3-суроого жооп:** Кыргыз тилинде туугандык терминдердин тарыхый өнүгүүсү а) Уруу-урукка негизделген. Кыргыз эли көчмөн, жамаатчыл коом болгондуктан, уруу, тукум системасы өтө маанилүү болгон. Ар бир туугандык байланышты так аныктап, карама-каршы тукумдар менен никелешүүдөн сактануу үчүн атайын терминдер калыптанган. Мисалы: “жээн” – эне жагынан тууган, "кайни" – күйөөнүн же аялынын иниси

Англис тилинде туугандык терминдердин тарыхый өнүгүүсүндө нукура үй-бүлөгө басым жасалат. Батыш коомдорунда нукура үй-бүлө (nuclear family) концепциясы тарыхый жактан үстөмдүк кылган. Ата, эне, бала – негизги бирдик. Кеңири туугандарга (extended family) тиешелүү терминдер жалпылаштырылган: uncle, aunt, cousin ж.б.

**Филология илимдеринин доктору, доцент Ч. С. Тулеева:**

Менде мындай суроо бар, жоболор боюнча англис тилинде ТТдын маанисин берген сөздөр аз, ал эми кыргыз тилинде тууралуу суроо бергим келип турат. Туугандык терминдердин семантикасын кандай түшүндүрүп бересиңер?

**Диссертант И. К. Алишова:** Суроонуз үчүн чоң рахмат, Чынара Сартаевна!

Берилген сунушуңуз боюнча, жоболорду тыкыр карайбыз!

**Филология илимдеринин доктору, доцент Б. Б. Нарынбаева:**

1) Мына иштин 2-жыйынтыгында гетерогендүү-гомогендүү, башкы-кошумча семалары аныкталып сыпатталышы деп берилип жатат,ошол семаларды түшүндүрүп бериңизчи?

2) 3-жыйынтыгында тууганчылык байланыштардын эки тилдеги этимологиясы, өнүгүүсү, семантикасы жактан өзгөрүүсүнө, байышына мүнөздүү болгон белгилердин аныкталышын да ачыктап бересизби?

**Диссертант И. К. Алишова:** Суроонуз үчүн чоң рахмат, Бактыгуль Борбиевна!

**1-суроого жооп:** Илимий ишибиздеги 2-жыйынтыкта берилген гомогендүү семаны мындайча түшүндүрүп берейин. Гомогендүү бул бир типтүү окшош, жалпыланган терминдерде колдонулат. Мындай учурда тил бирдей, көп мааниси жок,жалпыланган терминдер болот. Англис тилинде гомогендүү система, жыныска, жаш куракка же даражага карабастан Uncle, aunt, cousin, sister-in-law деп колдонула берет. Кыргызча Cousin-бөлө,тай туугандар, жээндер деп атап келебиз. Ал эми гетерогендүү ар башка социалдык ролду, жынысты мамилени билдирген бирок бир эле даражага тиешелүү болгон сөздөр. Mother-Father – экөөсү тең ата, эне бирок ролдору боюнча айырмаланып турат. ага-эже, сиңди-ини карама каршы жыныстагы туугандарды ушинтип гетерогендүү-гомогендүү деп түшүндүргөнбүз.

**2-суроого жооп:** Эки салыштырылып жаткан тилдердеги ТТдын кээ бир атоолордун этимологиясын аныктап, азыркы учурдагы колдонушун, кээ бир учурда

өзгөрүп колдонулушун мисалдар аркылуу бердик. Түшүндүрмө катары ишибиздин аягына тиркеме аркылуу корсөтө алдык. Мисалы катары *күйөө* деген сөз байыркы түрк тилдеринен келип чыккан, *күдөгү* деген сөздөн келип,тилдердин өзгөрүүсүнөн улам күйөө деп кыргыздар арасында азыркы учурда да колдонуп келебиз.

**Филология илимдеринин доктору, доцент Г. К. Джумалиева:**

**Суроо:** Англис жана кыргыз тилдеринде архаизмге айланган же мааниси өзгөргөн туугандык терминдер барбы? Эгер бар болсо, бул өзгөрүүлөр кандай тарыхый, маданий, же социалдык шарттардын негизинде болгон?

**Диссертант И. К. Алишова:** Сурооңуз үчүн чоң рахмат, Гульнура Кабылбековна!

Кыргыз тилинде архаизмге айланган туугандык терминдер болуп “тай жезде” туугандык термини дагы күнүмдүк колдонуудан чыгууда. Себеби бүгүнкү күндө,шаарлашуу, уруу түзүмүнүн жоголушу, өз ара байланыштардын формалдашуусунан улам тай жездени колдонбойбуз. Тайжездени жезде деп жөнөкөй формада колдонобуз. Ошондой эле “эмчектеш” деп башка энени эмип чоңойсо, азыркы замандын талабы менен ал терминдер да колдонуудан чыгып баратат, азыр жаш энелер башка бирөөгө эмизбейт, кошумча тамак берген үчүн дагы колдонбой калдык десем болот.

Ал эми англис тилинде архаизмге айланган же эскирген терминдер; kinsman/kinswoman – тууган (gender-neutral), азыр формалдуу же адабий тилде гана колдонулат.

*cousin-german* – азыр жөн эле cousin/жээн деп айтылат. cousin-german – бул эскирген англис тилиндеги термин, азыркы англисче “first cousin” (биринчи даражадагы тууган, жээн/бөлө) дегенге туура келет.

Country-cousin алыскы туугандар же болбосо айылдагы туугандар деп атышат, бирок практикада колдонушпайт.

**Филология илимдеринин доктору, доцент А. Т. Абдраева:** Изат Култаевна, менин суроолорум мындай:

1-суроо: Эки маданиятта туугандарга болгон кайрылуудагы этномаданий өзгөчөлүктөрү кандай жүрөт?

2-суроо: Туугандык терминдерди өзүңүз которуп атасыз, бир конкреттүү чыгармаларды алсаңыз болот беле? Кыз-жигит деп англис тилинде кандай котормолору бар?

3-суроо: Кудалар англис тилинде кандай которулат?

**Диссертант И. К. Алишова:** Берилген суроолоруңуз үчүн чоң рахмат, Айгул Төлөковна!

1-суроого жооп: Кыргыз коомунда улууну сыйлоо маданияты күчтүү болгондуктан, кайрылууда “ага”, “эжеке”, “байке”,“апа”, “тайке” сыяктуу сөздөр көп колдонулат, тууган болушпаса да. Ал эми англис тилинде жалпы аташат, мисалы: brother, mummy, sister. Жаш курагына карабайт байке-ини деп атоо маданияты өнүккөн эмес, себеби туугандык байланыштар формалдуураак.

2-суроого жооп: Ооба, илимий ишибизде кээ бир сүйлөмдөр өзүбүз тараптан которулган мисалдар бар, бирок Ч. Айтматовдун 10 томдук котормосу бар томдуктарды колдоно алдык жана башка кыска аңгеме, чыгармаларды да пайдаландык. Анлис тилиндеги, Ш. Бронтенин “Джейн Ейр” Теодор Драйзердин ”Сестра Керри”, Френсис Ходжсон Бернеттин “Сырдуу бакча” чыгармаларынан мисалдарды колдондук.

**3-суроого жооп:** Кыз-күйөө термини (жених-невеста) англис тилинде fiancee, bride-groom деп которулуп берилген.

**Филология илимдеринин доктору, профессор Ч. К. Найманова:** Менде да 1-2 суроо бар, бир суроо башкалар тарабынан берилди,Термин менен сөздүн айырмасы эмнеде түшүндүрүп берсеңиз?

**Диссертант И. К. Алишова:** Берилген суроолоруңуз үчүн чоң рахмат, Чолпон Капаровна!

Жооп: Сөз – бул тилдин негизги бирдиги,ал бир нерсенин аты,белгиси же түшүнүгүн билдирет. Сөз термин боло албайт. Термин – бул атайын илимдеги бир түшүнүктүн сөз же сөз тизмеги. Терминдер илимде атайын трминологиялык сөздөрдөн алынат. Көптөгөн терминологиялык сөздүктөр бар. Биздин илимий ишибизди да туугандык терминдер деп атаган үчүн терминдер деп айтып атабыз. Негизинен туугандык аталыштар туура болмок. 2008-ж эле тема ушундай берилип калгандыктан, темабыз эч бир өзгөртүүсүз калды.

**Төрага, филология илимдеринин доктору, профессор Ч. К. Найманова:** Кийинки сөз, илимий жетекчиси филология илимдеринин доктору, доцент Д. И. Козуевге сөз берилет.

**Филология илимдеринин доктору, доцент Д. И. Козуев:**

Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, жалпы айтылган сунуш-пикирлериңиздерге рахмат! Иштин жакшыртылышына дагы жакшы жаңылыктарды киргизүүгө көмөк көрсөтө турган суроолор берилди.

Менин аспирантым Алишова Изат Култаевнанын «Тектеш эмес тилдердеги туугандык терминдердин өзгөчөлүктөрү (кыргыз жана англис тилдеринин материалдарында)» деген диссертациялык ишти көптөн бери жазып келатат.

Ар башка типологиялык системаларга тиешелүү болгон англис жана кыргыз тилдериндеги тууганчылыкка байланыштуу атоолордун семантика-структуралык табиятындагы жалпылыктар менен айырмачылыктарды, сөз болуп жаткан атоолорго байланышкан лексикалык бирдиктерди функционалдык-тематикалык топторго бөлүштүрүүдө системалык мамилелердин парадигмасын, ошондой эле тууганчылыкка байланышкан тилдик каражаттардын семантика-функционалдык табиятын изилдөөдөн алынган тыянак-натыйжаларды иштин илимий жаңылыгы катары эсептөөгө болот.

Иштин темасы актуалдуу, кыргыз жана англис тил таанымы үчүн да, салыштырма типология үчүн да өзөктүү темалардын бири. Көптөгөн эмгектерде тууганчылык терминологияны изилдөөнүн, коомдук-социалдык аспектисине басым жасалгандыгы байкалат. Иштин түзүлүшү алдыга коюлган максат-милдеттерге ылайык калыптанган салт боюнча 3 бапка, киришүү жана корутунду бөлүмдөрүнө, пайдаланылган адабияттардын тизмесине бөлүнүп берилди.

Кыргыз тил илими жаатында кыргыз тилиндеги тууганчылыкка байланышкан терминдер менен алардын англис тилиндеги функционалдык аналогдору жогоруда саналып өткөн өңүттөрдөн салыштырылып изилденбегендиги изилдөө ишинин **актуалдуулугун** айгинелейт.

**Иштин максаты** катары тектеш эмес англис жана кыргыз тилдериндеги тууганчылык терминдердин келип чыгышын, өнүгүшүн, жалпы семантика-структуралык, семантика-функционалдык, стилдик бөтөнчөлүктөрүн салыштырып изилдөө саналат.

Ар кандай булактардан алынган кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылык терминдерди системалаштыруу, этимологиясын аныктоо, жалпылоочу жана айырмалоочу өзгөчөлүктөрүн салыштырып изилдөө, структура-семантикалык иликтөө, лексика-смантикалык, компоненттерди аныктоо жана аларга мүнөздөмө берүү,

гетеронимия, гиперонимия жана гипонимия семантикалык кубулуштары менен туугандык терминдердин байланышына илик жүргүзүү изилдөөнүн милдеттери.

Ар башка типологиялык системаларга тиешелүү болгон англис жана кыргыз тилдериндеги тууганчылыкка байланыштуу атоолордун семантика-структуралык, семантика-функционалдык табиятын изилдөөдө тилдик материалдар менен бирге тарыхый-этнографиялык, маданий материалдардын топтолушу, системалаштырылуусу, жана кыргыз жана англис тилдерине тиешелүү факт-материалдарынын ар тараптуу изилдениши автордун жеке салымы болуп эсептелет. Жалпысынан төрт жобо берилген.

Изилдөөнүн объекти, предмети, максаты жана милдеттери ачык-айкын, так жана даана көрсөтүлгөн. Илимий изилдөөдөгү төмөнкү жаңылыктар кандидаттык диссертацияга коюлуучу талаптарга толук жооп берет жана изилдөөнүн жаңылыгы катары эсептелет: Мисалы, салыштырылып жаткан тилдерде тууганчылык иерархиясы тарыхый, маданий, биосоциалдык факторлор аркылуу аныкталып, ал факторлордун таасири тилдик каражаттар аркылуу чагылдырылган тилдин лексикалык системасынын архаикалык жана туруктуу катмары катары бир катар диахрондук өңүттөгү маселелердин каралышында зарыл материал катары кызмат кылат. Атап айтканда, тилдердин ортосундагы тектештик параметрлерин аныктоодо, фонетикалык мыйзам ченемдүүлүктөрдү изилдөөдө тууганчылык байланыштарды туюндурган лексикалык каражаттар өзгөчө ролго ээ экендигин белгилөөгө болот.

Киришүүдө теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максат-милдеттери, иштин илимий жаңылыктары, теориялык жана практикалык маанилери аныкталган, коргоого сунушталган негизги жоболору белгиленген, изилдөө ык-амалдары жана иштин апробациясы маалымдалган.

Диссертациянын негизги тексти көздөлгөн максат-милдеттерине, тутунган теориялык өңүттөргө, топтолгон жана анализден өткөрүлгөн факты матералдардын мүнөзүнө карай үч бөлүмдөргө бөлүп берилген. Демек, жогоруда белгиленгендей, тууганчылык терминдери кайсы гана тил болбосун, анын базистик лексикасына кирген, миңдеген жылдар бою калыптанган тилдик каражаттардын катмарын түзөт. Демек, тилдин лексикалык системасынын архаикалык жана туруктуу катмары катары бир катар диахрондук өңүттөгү маселелердин каралышында зарыл материал катары кызмат кылат. Атап айтканда, тилдердин ортосундагы тектештик параметрлерин аныктоодо, фонетикалык мыйзам ченемдүүлүктөрдү изилдөөдө тууганчылык байланыштарды туюндурган лексикалык каражаттар өзгөчө ролго ээ экендигин белгилөөгө болот. Ошондой болсо дагы тууганчылыкка байланыштуу айрым сөздөр башка тилдик каражаттардай эле пассивдүү лексиканын катарына кирүү менен, акырындап такыр колдонуудан чыгып калуусу да толук ыктымал. Албетте, мындай өзгөрүүлөрдүн келип чыгуу себептерин коомдогу өзгөрүүлөргө, социалдык-экономикалык мүнөздөгү факторлорго байланыштуу экендиги белгиленип жүрөт. Ал эми тектеш жана тектеш эмес тилдердеги тууганчылык лексикасынын салыштырма планда изилдениши өзүнчө өңүт катары эсептелүү менен, мында сөз болуп жаткан тилдик каражаттардын семантика-функционалдык табияты изилдөөгө алынат. Булардын ар бири өз алдынча изилденип, тектеш эмес эки тилдин контекстинде териштирилип, анализден өткөрүлөт, коюлган максат-милдеттерди ишке ашырып, изилдөөдөн алынган илимий натыйжалар аныкталат, булардын негизинде тиешелүү теориялык бүтүмдөр чыгарылып, тиги же бул маселе боюнча диссертанттын жеке пикири билдирилет. Ушулардын баары тектештирме типология багытында диссертанттын камылгасы жетик, теориялык билими терең жана ой

өрүшү кенен экендигинен кабар берип турат.

Ар башка типологиялык системаларга тиешелүү болгон англис жана кыргыз тилдериндеги тууганчылыкка байланыштуу атоолордун семантика-структуралык, семантика-функционалдык табиятын изилдөөдө тилдик материалдар менен бирге тарыхый-этнографиялык, маданий материалдардын топтолушу, системалаштырылуусу, жана кыргыз жана англис тилдерине тиешелүү факт-материалдарынын ар тараптуу изилдениши автордун жеке салымы болуп эсептелет.

Изилдөөдөн алынган жыйынтык-натыйжалар боюнча эл аралык жана республикалык деңгээлдеги илимий-теориялык, илимий-практикалык конференцияларда жана симпозиумдарда баяндамалар жасалган.

Изилдөөнүн негизги мазмуну 17 илимий макалада чагылдырылып, анын ичинен КРнын Жогорку аттестациялык комиссиясы сунуштаган мезгилдүү басылмаларда 13 макала, РИНЦ системасы аркылуу индекстелүүчү чет элдик журналдарда 4 макала жарык көргөн. Тууганчылык терминдерине экспрессивдүү жана эмоционалдык түс мүнөздүү. Тууганчылык терминдеринин эң көп саны кыргыз тилинде кездешет жана туугандык мамилелердин структурасынын эң кеңири деталдуулугунун көрсөткүчү болуп саналат, бул кыргыз коомунун турмушундагы сакталып калган актуалдуулуктан кабар берет.

Жогоруда каалоо мүнөзүндө айтылган пикирлер иштин жалпы мазмунуна доо кетире албайт. Иш теориялык жактан жогорку деңгелде жана инновациялык жаңы багытта өз алдынча аткарылган, коюлган максатына жеткирилген жана логикалык жактан бүткөрүлгөн оригиналдуу изилдөө катары бааланууга тийиш.

Жыйынтыктап айтканда, И. К. Алишованын диссертациясы Улуттук аттестация комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына толук жооп берет. Ошондуктан бул ишти коргоого сунуш кылам.

**Төрага, филология илимдеринин доктору, профессор Ч. К. Найманова:**

Биринчи эксперт филология илимдеринин доктору, профессор К. З. Зулпукаровго сөз берилет.

**Филология илимдеринин доктору, профессор К. З. Зулпукаров:**

Д 10.24.699 кеңешинин биринчи эксперти катары И. К. Алишованын «Тектеш эмес тилдердеги тууганчылык терминдердин өзгөчөлүктөрү (кыргыз жана англис тилдеринин материалдарында)» аттуу 10.02.20 – тектештирме тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине берген корутунду пикирибиз төмөндөгүдөй:

**1. Иштин Д 10.24.699 диссертациялык кеңешке коргоо укугу ыйгарылган адистикке шайкештиги**. Аталган жумуш англис жана кыргыз тилдериндеги тууганчылык терминдердин түзүмүн, өз ара катышын, окшош-айырмачлыктарын талдоого арналат. Ишти Д 10.24.699 диссертациялык кеңешинде коргоого болот.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Тууганчылык аталыштар (ТА) – лексикалык кордун орчундуу, өзөктүү компоненти. Алар бир тилден экинчи тилге сейрек өтөт. Аларда этностук менталитет көп тараптуу каралбаган эле. Ошондуктан теманын зарылдыгы эч күмөн туудурбайт.

**3. Иште алынган жаңы илимий натыйжалар жана жыйынтыктар:**

1) англис, кыргыз тилдериндеги ТАлар жалпылыктары менен бөтөнчөлүктөрү аныкталып,алардын салыштырма-типологиялык моделинин иштелип чыгышы;

2) тууганчылык терминдердин мазмунун түрдүү өңүттөрдө,алкактарда жаңыча

сыпатталып берилиши;

3) аталган топтогу сөздөрдүн этимологиясынын, эволюциясынын, семантикалык жактан байышынын жана кеңейишинин, жаңы дериваттарга ээ болуу жолдорунун ар тараптан мүнөздөлүшү;

4) англисче ТАлардын кыргыз аудиториясында өздөштүрүүнү оптималдуу уюштуруу ыкмаларынын сунушталып негизделиши

Бул натыйжалар кыргызча-англисче жандаштырма типология үчүн жалпысынан жаңы болуп эсептелинет.

**4. Ар бир илимий натыйжанын, жыйынтыктын жана корутундунун далилдениши жана аныкталыш деңгээли:**

1) эки тилдеги ТАлардын жандаштырма-салыштырма модели ынанымдуу түзүлгөн (51-87 б б., 117-118 бб.) тиешелүү фактылык материалдар арбын.

2) ТАлардын семантикасы түрдүү аспектилерде (денотативдик-коннотативдик, нейтралдуу-экспрессивдүү, гетерогендүү-гомогендүү ж.б.) каралышы да негиздүү аткарылган. Келтирилген аргументтер жүйөлүү (51-85., 98-117 бб.);

3) ТАлардын теги, өнүгүшү, бутакташы, трансформацияланыш жолдору негиздүү, ынанымдуу сыпатталган (90-97 бб., 117-146 бб.);

4) англисче ТАларды кыргыз аудиториясында өздөштүрүү үчүн керек ыкмалардын көрсөтүлүшү үстүрт жана бир тараптуу болуп калган (7-8 бб., 38б., 149-153 бб.).

**5. Иште белгиленген ар бир натыйжанын (жобонун), жыйынтыктын жана корутундунун жаңылык даражасы:**

1) биринчи корутунду толук жаңы: мурда англисче-кыргызча ТАлардын модели түзүлбөгөн;

2) экинчи корутунду да жаңы, себеби ТАларга тиешелүү семантикалык түрдүү көрсөткүчтөр башка изилдөөлөрдө мындай кенен жана негиздүү катталбаган;

3) үчүнчү жыйынтык деле толук жаңы: иште ТАлардын байыркы түрлөрү, өнүгүү динамикасы, өзгөрүү жолдору даана, ишенимдүү көрсөтүлгөн;

4) төртүнчү натыйжа ар тараптан иштелип чыкпаган, бирок изилдөө материалдарынын практикада колдонулуу мүмкүнчүлүгү дурус эле ачыкталган.

**6. Алынган натыйжа-тыянактардын ички биримдиги.**

Иштин жалпы мазмунун башкы максаттын тутумунун баш ийип кирип турат.Изилдөө -өзүнчө толук бүткөн илимий эмгек.Анын бөлүктөрү логикалык жактан ырааттуу,тутумдаш.Диссертант материалдарды ишенимдүү баяндап, сыпаттап бере алган.

**7. Тиешелүү актуалдуу проблеманын, теоретикалык жана методологиялык милдеттин чечилишине багытталышы.**

Изилдөө теориялык-практикалык мүнөздө аткарылган. Анда ТАларды жалпы лингвистикалык,этнолингвистикалык жана менталингвистикалык принциптердин негизинде талдоо жүргүзүлгөн. Анда этимологиялык, тарыхый лингвистикалык, типологиялык эмгектер, эки тилдүү сөздүктөр пайдаланылган. Иштин мазмуну жана түзүмү нгизги максатка жетүүгө багытталган.

**8. Диссертациянын негизги жоболорунун, натыйжаларынын, жыйынтыктарынын жана корутундусунун жарык көрүнүшүнүн (басылып чыгышынын) жетиштүү толуктугунун ырасталышы.**

Диссертанттын бардыгы болуп 13 макаласы жарык көргөн. Алардын ичинен изилдөөдө алынган тыянактар,натыйжалар жана жоболор 10 макалада чагылдырылган.Үч

макала темага кыйыр тиешелүү (8, 9, 10). Мисалы ат атоочторго арналган макала (10) же котормо семиотикасы иликтенген чыгарма (8) темадан өтө эле оолак. Иштин мазмуну түрдүү илимий-практикалык конференцияларда, семинарларда, отурумдарда талкууга алынып дурус эле апробациядан өткөн.

**9. Диссертациянын мазмунундагы жана шөкөттөлүшүндөгү кемчиликтер жана мүчүлүштүктөр.** Иште бир кыйла кемчиликтер байкалат.

А. Иштин аталышындагы тилдер сөзүнүн кайталанып колдонулушу, жарымынын кашаага алынып берилиши стилдик-логикалык ысырапкорчулукка жол берилип калгандай таасир жаратат. Мурда бардык тектеш эмес тилдерди атап,кийин эки гана тилди жиктеп чыгуу орунтуксуз. Диссертацияны "Кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылык номинативдик-семантикалык талаасынын түзүлүшү" деп атаса болмок. Эки тилдин тектеш эместиги (салттуу лингвистикада) же алыскы тектештиги (ностратикада) атайын жиктеп көрсөтүүнү талап кылбайт.

Б. Иштин биринчи бабы демейде адабиятка сереп,обзор түрүндө белгиленет.Биз талдап жаткан эмгекте башынан эле изилдөө обьектисин түзгөн Т. Касымбековдун "Сынган кылыч" романынан алынган ири-ири фрагменттер келтирилет(19-б.11 сап, 20-б. 22 сап, 21-б. 9 сап, 27-б. 17 сап). III бапта каралчу мисалдар I бапка өтүп кеткен.

В. Англисче ТАлардын этимологиясын инд-европа бүлөсүндөгү тилдердин алкагында кароо иштин мазмунун,теориялык салмагын күчөтмөк. Мисалы, англисче *mother* сөзүн ирл. *mathir "эне"*, бай. жог. немисче *muoter,* лат. *mater*, грекче. *mitir "эне"*, албанча. Motre "*эже-сиңди, карындаш*", б. инд. *mata|matar-*, авестача. *matar*, персче. *madar,* армянча. *mair*, орусча *мать/матер-* , болг. *мати/матер "эне"* ж.б. сөздөр менен салыштыруу кызык болмок. Англисче *brother"ага/ини"* сөзүн орусча *брат*, литв. broteretis, латышча *brataritis "байке"*, б. инд. *brata* авест. *bratar*, грекче *fratir,* латынча frater, чехче bratri, жог. лужиче bratra "ага/ини" ж.б. менен тектештирүү да салмактуу жыйынтык чыгарууга өбөлгө болмок. Аталган сөздөрдүн кыргызча трансформациялары да бар: *медер "ишеним, таяныч"*, *медер* (антропоним), *бурадар "өнөк, жолдош, дос"* ж.б.

Г. Англисче *sister[систе]* жөн гана "*эже, сиңди"* эмес (73-б), "ургаачы (кыз, аял...) бир тууган; *эже, сиңди, карындаш, апа* (говорлордо, айрым үй-бүлөлөрдө*), апаже/апеже/апже,* тууган эмес эле жашы улуу бейтааныш аял..." brother [бразе] "*байке,ага,ини"* гана эмес (73-б.), "*эркек* (уул, жигит...) бир тууган; *байке* (40% га жакын кыргыз жарандар үчүн), *ага,аке/аке/ ке, ини,үкө, үке*; бейтааныш эле жашы улуу адам..." (булардын айрымдары кыргызча сүйлөөчүүлөрдүн көпчүлүгүндө колдонулат, 60% га жакын). Диалекти, говорлордо,сүйлөшмө кепте пайдаланылчу варианттарды талдоо жакшы жемиш бермек. *Байке, аке* сөздөрүнүн экинчи бөлүгү Чыке "Уурматтуу Чынгыз Төрөгулович" сөзүндө да бар. *Ага* сөзүн бардык кыргыздар колдонушат, дээрлик бүт түрк тилдеринде *ага/аага/ога/аге/агу/аа* түрлөрүндө учурайт.

Д. Тууганчылыктын номинативдик-семантикалык,функционалдык-семантикалык же когнитивдик-тилдик талаа/ алкак ктары бир катары бир нукта изилдесек,иштин мазмуну мындан да кеңенирээк жана тереңирээк болмок, чачкындык жоюлмак. Айрым керектүү адабияттар,алардагы маалыматтар колдонулбаган.

Ж. Иште техникалык мүчүлүштүктөргө жол берилип калган. Адабияттарды тизмелөөдө алфавиттик тартип сөзсүз сакталыш керек. Караңыз: Агости-Абрамзон (6-7,159-б.), Дыренкова- Добронравин- Дыйканов- Дунканаев (64-68,165-б), Маковский-Малахов-Малиновский- Малов- Маковский (113-117,169-б) ; Мурзаев- Моисеев (135-136).

Библиографияда ГОСТко дал келбеген дагы фактылар кездешет;

Мисалдарды туюнтуу бир кылка жүргүзүлбөгөн. Аларды курсив менен ажыратуу салтуу көрүнүш. Диссертант кээде тырмакчага алып, кээде курсивсиз эле көрсөтүп койгон.

Көрсөтүлгөн кемчиликтер негизинен иштин шөкөттөлүшүнө тиешелүү, анын жалпы жыйынтыктарын, баалуулугун төмөндөтө албайт. Изилдөөчү салыштырма тил илимине,тууганчылык аталыштардын англис, кыргыз тилдериндеги маани-маңызын ачыктоого кыйла салым кошо алган.

**10. Иштин Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби тууралуу жобосу койгон талаптарга дал келиши.**

Алишова Изат Култаевнанын «Тектеш эмес тилдердеги тууганчылык терминдердин өзгөчөлүктөрү (кыргыз жана англис тилдеринин материалдарында)» аттуу 10.02.20 – тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талдап чыгып,аны өз алдынча аткарылган илимий эмгек катары баалап, андагы натыйжа, тыянактардын жаңылыгын, теория, практика үчүн зарылдыгын жана орчундуулугун белгилеп, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби тууралуу жобосу койгон талаптарга туура келишин көрсөтүп, анын автору И. К. Алишова изденип аткан адистик боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу экендигин ырастап, ишти коргоого сунуштоого болот.

11. Жетектөөчү мекемени жана расмий оппоненттерди бекитүү боюнча сунуштун негизделиши.

Алишова Изат Култаевнанын «Тектеш эмес тилдердеги тууганчылык терминдердин өзгөчөлүктөрү (кыргыз жана англис тилдеринин материалдарында)» аттуу 10.02.20 – тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине төмөндөгүлөрдү сунуш кылат:

**Жетектөөчү мекеме** катары Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты бөлүмү сунушталат: 720000, Жалал-Абад ш., Ленин к.,57а.

**Биринчи расмий оппонент** катары филология илимдеринин доктору (10.02.19 – тил илими), доцент, И. Арабаев атындагы КМУнун мамлекеттик тил жана маданият институтунун директору Жумалиев Самат Субанкулович сунушталат.

Илимий эмгектери:

1. Жумалиев, С. С. “Манас” жана Ч. Айтматов: тарых, тил жана адабияттагы тарыхый чындыктын байланышы (“Манас” эпосунун хроно-топологиялык стратификациясы). [Текст]: С. С. Жумалиев // Известия вузов Кыргызстана. – Бишкек, 2019. – 212-218-бб.

2. Жумалиев, С. С. Алтай теориясы: кыргыз жана монгол тилдериндеги лексикалык параллелдер. [Текст]: С. С. Жумалиев // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2020. – 128-133-бб.

3. Жумалиев, С. С. Кыргыз тилинин тарыхы (Эң жаңы доордогу кыргыз тили). [Текст]: окуу китеби / С. С. Жумалиев. – Бишкек: “Улуу тоолор, 2021. – 328 б.

4. Жумалиев, С. С. Кыргыз тилинин сөздүк курамынын тарыхый катмарлары. [Текст]: С.

С. Жумалиев // Известия вузов Кыргызстана. – Бишкек, 2021. – 142-146-бб.

5. Жумалиев, С. С. О методологии современной экспериментальной психолингвистики.

[Текст]: С. С. Жумалиев // Известия вузов Кыргызстана. – Бишкек, 2022. – 255-258-бб.

6. Жумалиев, С. С. Байыркы түрк жана эски жазма адабий тилдери. – Бишкек, 2023. – 132

б.

**Экинчи расмий оппонент** катары филология илимдеринин кандидаты (10.02.20 – салыштырма-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими), доцент, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин филология кафедрасынын улук окутуучусу Бектурова Анаркан Абдыжалиевна сунушталат.

Илимий эмгектери:

1. Бектурова, А. А. символ «Барс» в кыргызской языковой картине мира / А. А. Бектурова, Г. А. Байгобылова, Ж. Б. Чотиев // Общество, язык и культура XXI века : Материалы XXXVIII Международной научной онлайн-конференции, посвящённой 25-летнему юбилею Кыргызско-Турецкого университета «Манас», Санкт-Петербург-Бишкек, 29–30 апреля 2021 года. – Санкт-Петербург-Бишкек: Частное образовательное учреждение высшего образования «Институт иностранных языков», Кыргызско-Турецкий университет «Манас», 2021. – С. 257-262. – EDNWWHTNG.
2. Бектурова, А. А. "Categorical Features Of Concepts Zhurok And Heart In Kyrgyz and English Language Pictures Of The World" [Текст]: А. А. Бектурова // Bulletin of Science and Practice, 2022.
3. Бектурова, А. А. Корпусный анализ концепта верблюд в кыргызской лингвокультуре. [Текст]: А. А. Бектурова, Байгобылова Г. А. // Бюллетень науки и практики. 2023. – Т. 9. №11. – С. 509-518.
4. Бектурова, А. А. Понятийные признаки концепта жүрөк/heart. [Текст]: А. А. Бектурова, Байгобылова Г. А. // Бюллетень науки и практики. 2023. – Т. 9. №12. – С. 461-473.
5. Бектурова, А. А. Некоторые элементы кыргызской национальной одежды белдемчи как воплощение этнокультурного кода. [Текст]: А. А. Бектурова, Байгобылова Г. А. // Бюллетень науки и практики. 2023. – Т. 9. №12. – С. 416-422
6. Бектурова, А. А. Cultural Parallels and Unique Features of Native Americans and Kyrgyz People: A Comparative Analysis. [Текст]: А. А. Бектурова // Бюллетень науки и практики. 2024. – Т. 10. №5. – С. 718-724.

**Диссертант И. К. Алишова:** Диссертациялык ишибиздин 1-эксперти филология илимдеринин доктору, профессор Зулпукаров Капар Зулпукаровичтин сунуш, сын-пикирлерине жооп.

А) диссертациялык иштин темасына байланыштуу айтылган сын пикири туура, теманы «Кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылык терминдердин салыштырма мүнөздөмөсү» деп берсек дагы болмок, тилдик үнөм принцибинен алганда дагы тема так жана логикалык жактан туура болмок, бирок изилдөө иштин жүрүшүндө орус тилиндеги ТТга дагы азыноолак токтолгонбуз, бирок талкуу учурунда айтылган сын-пикирлерди эске алуу менен орус тилинен алынган мисалдар алынып салынган, ишибиздин келечек мерчемдерин түзүүдө орус тилинин материалдарын кошуу пландалып, изилдөөнүн кийинки этаптарында англис жана кыргыз тилдеринин материалдары аркылуу гана чектелдик, ушул себептен тема өзгөрүүсүз калган.

Б) сын-пикирде 3-бапта каралчу маселелердин 1-бапта каралып калгандыгы айтылган. Сын-пикирди толук кабыл алуу менен сөз болуп жаткан маселелер 3-бапка өткөрүлдү.

В) сын-пикир англис тилиндеги туугандыка байланыштуу терминдерди башка тилдердин материалдары менен салыштыруу бир топ жаңы тыянак натыйжалардын алынышына өбөлгө түзмөк деген пикир айтылган сунуштарды толук кабыл алуу менен диссертациялык ишке башка тилдердин базистик лексикасына кирген ТТга байланышкан материалдар кошулуп, алар талдоого алынды.

Г) сын-пикиринде туугандык атоолорго түздөн-түз арналган эмгектерди пайдаланылган адабияттардын тизмесине киргизүү зарылдыгы белгиленген. Сын пикирди толук кабыл алуу менен анда көрсөтүлгөн авторлордун эмгектери илимий адабияттардын тизмесине киргизилди. Кийинки сын пикирде адабияттардын тизмесинде кетирилген ката мүчүлүштүктөр оңдолду, андан сырткары адабияттардын тизмеси Улуттук Илимдер Академиясынын китепканасынын кызматкерлери тарабынан текшерилип маалымкат алынды.

Д) сын-пикирде техникалык каталардын бар экендигин кабыл алуу менен диссертациялык иште ал каталар жоюлду, алынган мисалдар бир тартипке келтирилди.

Биздин диссертациялык ишибиздин 1-эксперти болгон филология илимдеринин доктору, профессор Зулпукаров Капар Зулпукаровичтин баалуу сын-пикирлериңизге терең ыраазычылык билдиребиз!

**Төрага, филология илимдеринин доктору, профессор Ч. К. Найманова:**

Экинчи эксперт филология илимдеринин доктору, доцент С. С. Жумалиевге сөз берилет.

**Филология илимдеринин доктору, доцент С. С. Жумалиев:** Саламатсыздарбы, диссертациялык кеңештин жалпы мүчөлөрү! Алишова Изат Култаевнанын «Тектеш эмес тилдердеги тууганчылык терминдердин өзгөчөлүктөрү (кыргыз жана англис тилдеринин материалдарында)» аттуу 10.02.20 – тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине берген корутунду пикирибиз төмөндөгүдөй:

I. Диссертациялык кеңеште корголо турган кандидаттык диссертациянын адистикке тиешелүүлүгү.

«Тектеш эмес тилдердеги тууганчылык терминдердин өзгөчөлүктөрү (кыргыз жана англис тилдеринин материалдарында)» аттуу жазылган диссертациялык иши 10.02.20 – тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистигинин профилине дал келет.

Изилдөөнүн максаты катары тектеш эмес англис жана кыргыз тилдериндеги тууганчылык терминдердин келип чыгышын, өнүгүшүн, жалпы семантика-структуралык, семантика-функционалдык бөтөнчөлүктөрүн салыштырып изилдөө маселеси тандалып алынган. Бул максатка жетүү үчүн төмөндөгүдөй конкреттүү милдеттер коюлуп, аткарылган:

1) ар кандай булактардан алынган кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылык терминдерди системалаштыруу;

2) салыштырылып жаткан тилдердеги тууганчылык айрым терминдердин этимологиясын аныктоо;

3) кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылык терминдердин жалпылоочу

жана айырмалоочу өзгөчөлүктөрүн салыштырып изилдөө;

4) кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылык терминдерине структура семантикалык илик жүргүзүү;

5) кыргыз жана англис тилдериндеги түз жана кыйыр тууганчылыкты туюндурган лексикалык каражаттарга лексика-семантикалык талдоо жүргүзүү;

6) салыштырылып жаткан тилдердеги туугандык ар бир терминдин компоненттеринин семантикалык структураларынын интегралдык жана дифференциалдык (жеке) белгилерин аныктоо;

7) изилденип жаткан тилдердеги туугандык жакындык иерархиясындагы терминдердин семантикасындагы имплициттик жана эксплициттик компоненттерди аныктоо жана аларга мүнөздөмө берүү;

8) гетеронимия, гиперонимия жана гипонимия семантикалык кубулуштары менен тууганчылык терминдердин байланышына илик жүргүзүү.

9) кыргыз топонимикасы менен антропонимикасындагы тууганчылык терминдерге тиешелүү аталыштарды иликтөө.

Изилдөөнүн методологиялык базасы жана методдору катары чет өлкөлүк жана мекендеш лингвисттердин эмгектери, алардагы теориялык жоболор пайдаланылган.

Изилдөө учурунда сыпаттама, салыштырма, типологиялык, салыштырма-тарыхый методдору, ошондой эле анализ жана синтез, индукция, дедукция, системалаштыруу аналогия, моделдештирүү, этимологиялык талдоо өңдүү ыкмалар колдонулган. Бул метод ыкмалар изилдөөнүн негизги максатына жетүүгө өбөлгө түзгөн.

II. Теманын актуалдуулугу.

Тандалган теманын актуалдуулугу жана тил илими үчүн зарылдыгы төмөндөгү негиздер менен түшүндүрүлөт:

Тууганчылык терминологиясынын татаалдыгы жана ар тараптуулугу тууганчылык түшүнүгүнүн өзү маданий жана тарыхый кубулуштарга таандык социалдык, тарыхый, аксиологиялык өңдүү бир катар аспектилерге ээ адамзаттык масштабдагы түшүнүк экендиги менен шартталган. Ошол себептүү тууганчылык терминологиясын изилдөө интердисциплинардык мүнөзгө ээ.

Тагыраак айтканда, аны изилдөө тилдик алкактан чыгып, жогоруда саналып өткөн өңүттөрдөн каралчу маселелерди да ар тараптуу иликтөө зарылдыгын жаратат. Мындан тышкары сөз болуп жаткан объектинин тарыхый өңүтү байыркы европалык коомдогу матриархаттын же патриархаттын үстөмдүгүнөн тартып, коомдук формацияларга түздөн-түз байланышкан маселелердин бүтүндөй комплексин өзүнө камтышы, изилдөө ишинде карала турган проблеманын тамырынын тереңдигинен, материалдардын кеңири масштабынан кабар берет.

Иште тектеш эмес тилдеги тууганчылык лексикасынын салыштырма планда изилдениши өзүнчө өңүт катары эсептелүү менен, тууганчылык терминдеринин семантика функционалдык табияты атайын изилдөөгө муктаждыгы жана кыргыз тил илиминде кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылык терминдери салыштырылып изилденбегендиги менен иштин актуалдуулугу аныкталат.

III. Иштин жыйынтыктарынын илимий жаңылыгы катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

1) кыргыз, англис тилдериндеги тууганчылык атоолордун жалпы жана өзгөчө сапаттарга ээ салыштырма-типологиялык моделинин иштелип чыгышы;

2) тууганчылык терминдеринин эки тилде гиперонимдик-гипонимдик,

гетерогендүү-гомогендүү, денотативдик-коннотативдик, нейтралдуу-экспрессивдүү / эмоционалдуу, башкы кошумча, алгачкы-дериваттык ж.б. семаларынын аныкталып сыпатталышы;

3) тууганчылык байланыштардын эки тилдеги номинанттарынын этимологиясы, эволюциясы, семантикалык жактан байышы жана бутактанышына тиешелүү мурда белгисиз болгон айрым маалыматтардын ачыкталып көрсөтүлүшү;

4) англис тууганчылык терминдерди кыргыз аудиториясында өздөштүрүүгө ыңгайлуу ыкмалардын сунушталышы.

IV. Диссертациядагы жыйынтыктардын жана корутундулардын илимий **жактан негизделиши.**

Изилдөөчү тарабынан төмөнкүдөй илимий натыйжалар алынган:

1-жыйынтык. Кыргыз, англис тилдериндеги тууганчылык терминдердин жалпы жана өзгөчө сапаттарга ээ салыштырма-типологиялык моделинин иштелип чыгышы;

2-жыйынтык. Тууганчылык терминдеринин эки тилдеги гиперонимдик-гипонимдик, гетерогендүү-гомогендүү, денотативдик-коннотативдик, нейтралдуу-экспрессивдүү/эмоционалдуу, башкы-кошумча, алгачкы-дериваттык семаларынын аныкталып сыпатталышы;

3-жыйынтык. Тууганчылык байланыштардын эки тилдеги номинанттарынын этимологиясы, эволюциясы, семантикалык жактан байышы жана бутактанышына тиешелүү айрым маалыматтардын көрсөтүлүшү;

4-жыйынтык. Кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылык терминдеринин антропонимикалык, ономасиологиялык жана топонимикалык өзгөчө белгилеринин функционалдык-семантикалык жактан иликке алынышы.

**V. Коргоого сунушталган жоболору**

1. Тууганчылыктын көптөгөн социо-биологиялык касиеттерине ылайык, ар кайсы элдердеги тууганчылык терминдеринин түзүлүшү, ырааты ар башкача жайгаштырылган; мындай “катмарлануу” ыкмасы туугандык системанын ар бир элдеги өзгөчөлүгүн аныктайт.

2. Тууганчылык тутуму үй-бүлөлүк мамилелердин ар кандай түрлөрү чагылдырылган терминдер менен, ошондой эле белгилүү бир социалдык мамилелер тутуму менен байланыштуу.

3. Салыштырылып жаткан тилдерде тууганчылык терминдеринин системасынын өнүгүшүнүн жалпы тенденциялары полисемиянын пайда болушунан, терминдердин пассивдүү лексикага, атап айтканда, архаизмдерге айланышынан, тууганчылыктын жана тууганчылык касиеттин тууганчылыктын конкреттүү көптөгөн терминдеринин сандык кыскарышынан, терминдеринин маанилеринин семантикалык трансформацияларга кабылышынан көрүнөт.

4. Салыштырылып жаткан тилдерде тууганчылык иерархиясы тарыхый, маданий, биосоциалдык факторлор аркылуу аныкталып, ал факторлордун таасири тилдик каражаттар аркылуу чагылдырылат.

VI. Алынган жыйынтыктардын теориялык жана колдонмо багыттарга тиешелүү маселелерди чечүүдөгү наркы.

Иштин теориялык мааниси катары туугандык аталыштарды функционалдык семантикалык микросистемалар боюнча топтоштуруу, кыргыз жана англис тилдеринин тууганчылык тегине негизделген терминдердин семантикалык маанилеринин иерархиясын жана айрым семантикалык түзүмдөрдү нейтралдаштыруу мыйзамченемдүүлүгүн изилдөө,

тектеш эмес тилдерди синхрондук-салыштырма изилдөө теориясы жана алардын өз ара агглютинативдүү, агглютинативдүү эмес түзүлүштөгү тилдер менен байланыш проблемаларын иштеп чыгуу аракеттерин белгилөөгө болот.

Иштин практикалык мааниси катары изилдөөнүн жыйынтыктары кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылыкка байланыштуу тилдик каражаттардын которулушуна жана изилденишине көмөк көрсөтөт, ошону менен бирге англис-кыргыз жана кыргыз-англис терминологиялык сөздүктөрүн түзүүдө, англис тилин кыргыз мектептеринде окутууда, кыргыз жана англис тилдеринин тарыхый лексикологиясы, семасиологиясы боюнча окуу куралдарын, типтүү жана жумушчу программаларды, лекциялык курстардын тексттерин даярдоодо теориялык материал катары колдонууга болот.

VII. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана **корутундуларынын жарыяланышы.**

Диссертациянын негизги мазмуну изденүүчүнүн төмөндөгү илимий эмгектеринде чагылдырылган:

1. Алишова, И. К. Кыргыз жана англис тилдериндеги туугандык, жакындык мамилени билдирген сөздөргө структуралык анализ [текст] / И. К. Алишова // К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин жарчысы. – 2010. – №1 (16) – стр. 135-136.
2. Алишова, И. К. Лексико-семантическое значение терминов родства «күйөө-husband» в кыргызском и английском языках» [текст] / И. К. Алишова // К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин жарчысы – 2011. – №1 (18) – стр.167-169. http://www.elibrary.ru
3. Алишова, И. К. Туугандык жакындык терминдердин эркелетүүдөгү колдонулушу [текст] / И. К. Алишова// К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин жарчысы. – 2012, №(23) – стр. 224-225. https://www.elibrary.ru/item.asp?id
4. Алишова, И. К. Проблемы перевода терминов родства с кыргызского на английский язык [текст] / И. К. Алишова // Вестник Международный университет Кыргызстана – 2012. – №2 (22) – стр. 106-108. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=27593573
5. Алишова, И. К. Улуттук өзгөчөлүктөрдү англис тилине которуудагы кыйынчылыктар [текст] / И. К. Алишова // Кыргызский государственный университет строительства, транспорта и архитектуры – 2015. – №1(47) – стр. 6-8. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=24329938
6. Алишова, И. К. Туугандык жакындык терминдердин жаш курак өзгөчөлуктөрүнө карай берилиши [текст] / И. К. Алишова// Вестник Кыргызский национальный университет им.Ж.Баласагына. – 2017. – (2) – стр. 75-76. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44906333
7. Алишова, И. К. Представление концепта «Семья» в разных культурах [текст] / И. К. Алишова, М. Сатыбалдиева // Вестник Международный университет Кыргызстана. – 2021 – №3 (44) – стр.13-17. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47195311
8. Алишова, И. К. Котормодогу тилдик дүйнө таанымдын семиотикасы (англис жана кыргыз тилдеринин негизинде) [текст] / И. К. Алишова, Турар кызы М // Вестник Международный университет Кыргызстана. – 2023. – №1 – (49) – стр. 51-54. https://elibrary.ru/item.asp?id=54088132
9. Алишова, И. К., М. Алишованын "Асек" аңгемесине концептуалдык талдоо [текст] / И. К. Алишова, Турар кызы М // Вестник Международный университет

Кыргызстана. – 2023. – №1 (49) – стр. 53-58. https://elibrary.ru/item.asp?id=54088131

10. Алишова, И. К. Английское местоимение и его функциональное соответствие в кыргызском языке [текст] /И. К. Алишова, М.Бектемирова // Вестник Международный университет Кыргызстана. – 2023. – №1 (49) – стр. 63-67.

11.Алишова, И. К. Тууганчылык терминдеринин макал-лакаптардагы колдонулушу [текст] /И. К. Алишова // Международный научный журнал «Alatoo Academic studies».– 2023. – №3 – стр. 205-212. https://doi.org/10/17015/aas/2023.233.22 – 0,203.

12. Алишова, И. К. Знание семи предков или роль генеалогии в кыргызской обществе [текст] / И. К. Алишова // Международный журнал "Бюллетень науки и практики". – 2023. – №11 – стр. 505-508. http://www:bulletennauki.ru/ – 0,267.

13. Алишова И. К, Козуев Д. И. Ономасиологический аспект терминов родства в кыргызском и английском языках [текст] / И. К. Алишова, Д. И. Козуев // Международный журнал "Бюллетень науки и практики". – 2025. – Т. 11. – №1. – С. 380-384. http://www:bulletennauki.ru/. http://doi/org/10/33619/2414-2948/110/45 -0,262

VIII. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.

Авторефератта диссертациянын негизги мазмуну кыскача чагылдырылган.

Автореферат диссертацияга шайкеш келет.

Ишке карата сунуштар жана кемчиликтер

1. Иштин 11-12-беттериндеги Барсбек, Эрен Улугка байланыштуу маалыматтын интернет-шилтемеси ачылбайт, анын ордуна алынган түз булагы катары 2025-жылы жарык көргөн С.Байгазиевдин "Байыркы Орхон-Енисей жазууларынын этикасы жана педагогикасы" атуу эмгегинин 6-бетин көрсөтүү керек.

2. Энчилүү ысымдар ташымалданган учурлары кездешет. Мисалы: 16-бетте мурунку сабында Л. С. Кара-, кийинки сабында оолдун, ..., о.э. адамдын өз аты, атасынын ысымы мурунку сапта калып, фамилиясы кийинки сапта жазылып калган учурлары да арбын. Мисалы: мурунку сапта К.З., кийинки сапта Зулпукаров (16), мурунку сапта А.С., кийинки сапта Кызласова (16), мурунку сапта С.Ф., кийинки сапта Миржанов (17) ж.б.

3. 41-бетте "Ал эми сөз болуп жаткан эки тилдеги тууганчылыкка байланышкан терминдердин айрым бир жеке маселелерин кароодо ишибизде этимологиялык, этнолингвистикалык, семантикалык, лингвомаданият таануучулук анализ жүргүзүү өңдүү атайын методдору да колдонулду» деп тил илиминин изилдөө багыттарын методдор катары белгилейт.

4. Ушул эле жерде "сүрөттөөчү ыкма", кийинки сүйлөмүндө "метод" деп жазат. Изилдөө жүргүзүүдөн мурда изилдөө ыкмасы менен методдун айырмачылыгын ажыратып таанып алуу зарыл, андыктан методдорду тактап коюу зарыл.

5. Диссертациянын мазмунунда көрсөтүлгөн бөлүмдөрдүн беттери менен иштин беттери бири-бирине дал келбейт, жылышып кеткен. Мисалы, мазумунунда киришүү 4-бет деп көрсөтүлсө, диссертациялык ишинде 3-бетте, 1-бабы 12-бет деп көрсөтүлсө, ишинде 11-бет ж.б.

6. А. Ж. Сатубалдинанын "Системы термины родства в английском и казахском языках (сравнительный анализ)" изилдөөсүнөн алынган жерлерге шилтеме берүү зарыл.

7. С. С. Жумалиевдин диссертациясынан алынган материалдарга шилтемелери көрсөтүлбөй кеткен жерлери орун алат. Мисалы, 50, 51, 55, 56-беттер.

8. Абзац коюлбай калган жерлери көп: Чоң ата – баланын атасынын атасы (59), Ата – зат. Балалуу болгон эркек (59), Таза кандуулук үчүн (61), Кыргыздар жетинчи

уруугa (61) ж.б.

9. 73-бетте "Кыргыз жана англис тилдеринде дээрлик бардык кан туугандары бир сөз менен аталат – ата, эне, эже, байке" деп жазат, бирок англисчесин көрсөтпөйт. Тактап бербесе эки тилде тең ата, эне ... деп айтылат деп түшүнүп калууга болот.

10. Орусча сөздөрдүн ордуна кыргызчасын колдонууну сунуштайбыз. Мисалы: участок, адекваттуу, консолидациясы, ньюанс, идентификация, канондору, ситуация ж.б.

11. Терминдерди тактап жазуу зарыл, мисалы, ономасиялык эмес ономасиологиялык ж.б.

12. Диссертациялык иште жана авторефератында орфографиялык, пунктуациялык, техникалык каталары кездешет. Мисалы, орфографиялык: изилдөөлөрдун (16), денотативдуулөр (33), туз (33), дескрептивдик (38), келин үчун (48), куйөөсунун, тугөй (49), китай (52), уйдүн (57), республикасынын (59), уксан (59), бобойуң (59), үчун (60), жугүртүүсү (60), гулдөтүп (61), чон, чон таята (69), түшундурөт (70), туугундык (84), жетишсидик (91), Герман (93), Англис тилинин (94), антропонимиконун(115) ж.б.; пунктуациялык: эмгеги-бул (31), эскерүү,мында (32), айым, деген (35), укум тукум (59), ата бабасы (59), ата - жото (59), эстутумду (60), кенен,терең (60), айтылат,бул (60); абзац сакталбаган жерлери көп: Таза кандуулук ж.б.; техникалык: экиге бөлүнөт (32), эстутум (60), ооз эки (109) ж.б.

IX. Жетектөөчү мекемени жана расмий оппоненттерди бекитүү боюнча сунуштун негизделиши.

Алишова Изат Култаевнанын «Тектеш эмес тилдердеги тууганчылык терминдердин өзгөчөлүктөрү (кыргыз жана англис тилдеринин материалдарында)» аттуу 10.02.20 – тектештирме тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине төмөндөгүлөрдү сунуш кылат:

***Жетектөөчү мекеме*** катары Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты бөлүмү сунушталат: 720000, Жалал-Абад ш., Ленин к.,57а.

**Биринчи расмий оппонент** катары филология илимдеринин доктору (10.02.19 – тил илими), доцент, И. Арабаев атындагы КМУнун мамлекеттик тил жана маданият институтунун директору Жумалиев Самат Субанкулович сунушталат.

Илимий эмгектери:

1. Жумалиев, С. С. "Манас" жана Ч. Айтматов: тарых, тил жана адабияттагы тарыхый чындыктын байланышы ("Манас" эпосунун хроно-топологиялык стратификациясы). [Текст]: С. С. Жумалиев // Известия вузов Кыргызстана. – Бишкек, 2019. – 212-218-бб.

2. Жумалиев, С. С. Алтай теориясы: кыргыз жана монгол тилдериндеги лексикалык параллелдер. [Текст]: С. С. Жумалиев // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2020. – 128-133-бб.

3. Жумалиев, С. С. Кыргыз тилинин тарыхы (Эң жаңы доордогу кыргыз тили). [Текст]: окуу китеби / С. С. Жумалиев. – Бишкек: "Улуу тоолор, 2021. – 328 б.

4. Жумалиев, С. С. Кыргыз тилинин сөздүк курамынын тарыхый катмарлары. [Текст]: С. С. Жумалиев // Известия вузов Кыргызстана. – Бишкек, 2021. – 142-146-бб.

5. Жумалиев, С. С. О методологии современной экспериментальной психолингвистики. [Текст]: С. С. Жумалиев // Известия вузов Кыргызстана. – Бишкек, 2022. – 255-258-бб.

6. Жумалиев, С. С. Байыркы түрк жана эски жазма адабий тилдери. – Бишкек, 2023. – 132 б.

**Экинчи расмий оппонент** катары филология илимдеринин кандидаты (10.02.20 – салыштырма-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими), доцент, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин филология кафедрасынын улук окутуучусу Бектурова Анаркан Абдыжалиевна сунушталат.

Илимий эмгектери:

1. Бектурова, А. А. символ «Барс» в кыргызской языковой картине мира / А. А. Бектурова, Г. А. Байгобылова, Ж. Б. Чотиев // Общество, язык и культура XXI века : Материалы XXXVIII Международной научной онлайн-конференции, посвящённой 25-летнему юбилею Кыргызско-Турецкого университета «Манас», Санкт-Петербург-Бишкек, 29–30 апреля 2021 года. – Санкт-Петербург-Бишкек: Частное образовательное учреждение высшего образования «Институт иностранных языков», Кыргызско-Турецкий университет «Манас», 2021. – С. 257-262. – EDNWWHTNG.

2. Бектурова, А. А. "Categorical Features Of Concepts Zhurok And Heart In Kyrgyz And English Language Pictures Of The World" [Текст]: А. А. Бектурова // Bulletin of Science and Practice, 2022.

3. Бектурова, А. А. Корпусный анализ концепта верблюд в кыргызской лингвокультуре. [Текст]: А. А. Бектурова, Байгобылова Г. А. // Бюллетень науки и практики. 2023. – Т. 9. №11. – С. 509-518.

4. Бектурова, А. А. Понятийные признаки концепта жүрөк/heart. [Текст]: А. А. Бектурова, Байгобылова Г. А. // Бюллетень науки и практики. 2023. – Т. 9. №12. – С. 461-473.

5. Бектурова, А. А. Некоторые элементы кыргызской национальной одежды белдемчи как воплощение этнокультурного кода. [Текст]: А. А. Бектурова, Байгобылова Г. А. // Бюллетень науки и практики. 2023. – Т. 9. №12. – С. 416-422

6. Бектурова, А. А. Cultural Parallels and Unique Features of Native Americans and Kyrgyz People: A Comparative Analysis. [Текст]: А. А. Бектурова // Бюллетень науки и практики. 2024. – Т. 10. №5. – С. 718-724.

Корутунду-бүтүм

Алишова Изат Култаевнанын «Тектеш эмес тилдердеги тууганчылык терминдердин өзгөчөлүктөрү (кыргыз жана англис тилдеринин материалдарында)» аттуу 10.02.20 – тектештирме тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАК тарабынан кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына жооп берет жана жогоруда айтылган сунуштарды эске алуу менен алдын-ала коргоого сунуштаса болот.

**Диссертант И. К. Алишова:** Урматтуу Самат Субанкулович! Сиздин берген сын-пикир, сунуштарыңыз биз үчүн баалуу, маанилүү, албетте диссертациялык иштин сапатын арттырууда чоң көмөк көрсөттү. Айтылган сын-пикир, сунуштар илимий жетекчим менен биргеликте каралып, оңдолду.

1-сын-пикирде Самат Субанкуловичтин сунушун эске алуу менен С. Байгазиевдин "Байыркы Орхон-Енисей жазууларынын этикасы жана педагогикасы" атуу эмгегинин 6-бети көрсөтүлдү.

2-сын-пикирде энчилүү ысымдардын ташымалданып ажыратып жазылган учурлардын кездешкенин эске алып, оңдолду.

3-сын-пикирде методдор боюнча айтылган сунуш эске алынуу менен оңдолду.

4-сын-пикирде диссертациялык иштин 41-бетинде сыпаттама метод “сүрөттөөчү ыкма” деп калгандыгы айтылган. Сын-пикирди толук кабыл алуу менен сыпаттама метод деп алмашылды.

5-сын-пикирде диссертациянын мазмунунда көрсөтүлгөн бөлүмдөрдүн беттери менен иштин беттери бири-бирине дал келбей, жылышып кеткендиги белгиленген. Диссертациялык ишти чыгарып жатканда техникалык жылышуу болгон, сунушуңузду эске алдык. Алынган материалдарга шилтемелер көрсөтүлдү.

6-сын-пикир боюнча Самат Субанкуловичтин диссертациясынан алынган материалдарга шилтемелер 50, 51, 55, 56-беттерде берилбей калгандыгы көрсөтүлгөн. Айтылган сунушту эске алуу менен көрсөтүлдү.

7. Абзац коюлбай калган жерлер болгон, абзацтар коюлду.

8. Кыргыз жана англис тилдеринде кан туугандарынын англисче аталышы берилди. Орусча сөздөрдүн ордуна кыргызчасын колдонуу сунушун кабылдоо менен участок – бөлүк, адекваттуу – дал келүүчүлүк, ситуация – кырдаал деп алмашылды.

9. Терминдерди тактап жазуунун зарылчылыгы туура айтылган сунуш катары кабыл алуу менен ономасиялык деп берилген сөз ономасиологиялык деп оңдолду.

10. Диссертациялык иште жана авторефератында орфографиялык, пунктуациялык, техникалык мүчүлүштуктөрдү эске алуу менен талапка ылайык оңдолуп чыкты.

Диссертациялык ишибиздин 2-эксперти филология илимдеринин доктору, доцент Жумалиев Самат Субанкуловичке бизге берилген мазмундуу сын пикирлериңизге терең ыраазычылык билдиребиз!

**Төрага, филология илимдеринин доктору, профессор Ч. К. Найманова:**

Үчүнчү эксперт филология илимдеринин кандидаты, доцент Б. Б. Нарматованын ден соолугуна байланыштуу, Б. Б. Нарматованын ордуна пикирди окумуштуу кеңешчи Н. Б. Джаркинбаева окуп берет.

**Филология илимдеринин кандидаты, доцент Б. Б. Нарматова**:

Саламатсыздарбы диссертациялык кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү! Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кусейин Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.699 диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, филология илимдеринин кандидаты, Кыргыз-Казак университетинин профессорунун милдетин аткаруучу Бактыгүл Балтабаевна Нарматованын Алишова Изат Култаевнанын “Тектеш эмес тилдердеги тууганчылык терминдердин өзгөчөлүктөрү (кыргыз жана англис тилдеринин материалдарында)» деген темада 10.02.20 – тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине

КОРУТУНДУ ПИКИРи төмөндөгүдөй

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке дал келиши.** Алишова Изат Култаевнанын «Тектеш эмес тилдердеги тууганчылык терминдердин өзгөчөлүктөрү (кыргыз жана англис тилдеринин материалдарында)» аттуу жазылган диссертациялык иши кеңештин багытына, ал эми изилдөө ишинин мазмуну, концептуалдык негизи 10.02.20 – тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистигине шайкеш келет.

**2. Иштин максаты** – англис жана кыргыз тилдериндеги тууганчылык

терминдердин келип чыгышын, өнүгүшүн, жалпы семантика-структуралык, семантика-функционалдык, стилистикалык өзгөчөлүктөрүн салыштырып изилдөө саналат.

Бул максаттарды ишке ашырууда төмөнкү конкреттүү милдеттер чечилген:

1) кыргыз жана англис тилдериндеги ар кандай булактардан алынган туугандык аталыштар системалаштырылган жана этимологиясы аныкталган;

2) кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылык терминдердин (ТТ) жалпы жана өзгөчө касиеттерин сыпаттоо менен алардын семантика-структуралык илик жүргүзүлгөн;

3) эки тилдеги түз жана кыйыр тууганчылыкты туюндурган лексикалык каражаттарга семантикалык-функционалдык талдоо жүргүзүлгөн;

4) салыштырылып жаткан тилдердеги тууганчылык ар бир терминдин компоненттеринин семантикалык структураларынын интегралдык жана дифференциалдык (жеке) белгилери аныкталган;

5) изилденип жаткан тилдердеги туугандык жакындык иерархиясындагы терминдердин мазмунундагы нейтралдык-экспрессивдүү, денотативдик-коннотативдик, алгачкы-деривациялык, имплициттик-эксплициттик семалар аныкталган жана аларга мүнөздөмө берилген;

6) эки тилдеги туугандык терминдердин ортосундагы гетерогендик-гомогендик, гетеронимиялык, гиперонимиялык катыштарга мүнөздөмө берилген;

7) кыргыз жана англис тилдериндеги ономасиологиясы, топонимикасы менен антропонимикасындагы туугандык терминдерге тиешелүү аталыштар иликтелген.

**3. Теманын актуалдуулугу.** Тууганчылык терминологиясын изилдөөнүн татаалдыгы жана ар тараптуулугу тууганчылыкка байланышкан түшүнүктөрдүн маданий, тарыхый кубулуштарга таандык социалдык, тарыхый, аксиологиялык аспектилерге ээ адамзаттык масштабдагы түшүнүк экендиги менен шартталган. Бир тилден экинчи бир тилге поэмаларды которуу аркылуу башка элдин тилдик жана дүйнө таанымдык өзгөчөлүгүн таанууга болот. Тууганчылык терминдерин салыштырма аспектиде изилдөө маселеси тиешелүү деңгээлде илимий негизде чагылдырылбагандыгы жана кыргыз тил илиминде тууганчылык терминдеринин англис тили менен салыштырылып изилденбегендиги илимий иштин **актуалдуулугун** айгинелейт.

**4. Иште алынган жаңы илимий натыйжалар жана жыйынтыктар:**

Ар башка типологиялык системага тиешелүү болгон англис жана кыргыз тилдериндеги тууганчылык терминдерин изилдөөнүн натыйжасында алынган иштин илимий жаңылыгы катары төмөнкүлөрдү белгилейбиз:

1) кыргыз, англис тилдериндеги тууганчылык терминдердин жалпы жана өзгөчө сапаттарга ээ салыштырма-типологиялык моделинин иштелип чыгышы;

2) тууганчылык терминдеринин эки тилде гиперонимдик-гипонимдик, гетерогендүү-гомогендүү, денотативдик-коннотативдик, нейтралдуу-экспрессивдүү / эмоционалдуу, башкы-кошумча, алгачкы-дериваттык ж.б. семаларынын аныкталып сыпатталышы;

3) тууганчылык байланыштардын эки тилдеги этимологиясы, өнүгүүсү, семантикалык жактан өзгөрүүсүнө, байышына мүнөздүү болгон белгилердин аныкталышы;

4) кыргыз жана англис тилдериндеги социалдык-лингвистикалык өзгөрүүлөрдүн негизинде тууганчылык терминдеринин иликтениши;

5) кыргыз жана англис тилдериндеги туугандык системанын лингвомаданий этнолинвистикалык өзгөчөлүктөрүнүн аныкталышы;

6) кыргыз жана англис тилдеринде тууганчылык терминдери алгачкы жолу антропологияда, ономасиологияда жана топонимикалык аспектиден семантика-структуралык, семантика-функционалдык изилдөөгө алынышы;

**4.1. Иштин диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарга жооп бере турган жаңылыгы.**

**1-натыйжа. Жаңы.** Туугандыктын көптөгөн социо-биологиялык касиеттерине ылайык, ар кайсы элдердеги тууганчылык терминдеринин түзүлүшү, ырааты ар башкача жайгаштырылган; мындай «катмарлануу» ыкмасы туугандык системанын ар бир элдеги өзгөчөлүгүн аныкталды (1.1., 1.2., 1.3., 2.1.).

**2-натыйжа. Жаңы.** Тууганчылык тутуму үй-бүлөлүк мамилелердин ар кандай түрлөрү чагылдырылган терминдер менен, ошондой эле белгилүү бир социалдык мамилелер тутуму менен байланыштуу (2.3., 2.4., 3.2.,3.3., 3.4.).

**3-натыйжа. Жаңы.** Салыштырылып жаткан тилдерде тууганчылык терминдеринин системасынын өнүгүшүнүн жалпы тенденциялары полисемиянын пайда болушунан, терминдердин пассивдүү лексикага, атап айтканда, архаизмдерге айланышынан, тууганчылыктын жана тууганчылык касиеттин конкреттүү терминдеринин сандык кыскарышынан, тууганчылыктын көптөгөн терминдеринин маанилеринин семантикалык трансформацияларга кабылышынан байкалат (2.3., 2.4.).

**4-натыйжа. Жаңы.** Салыштырылып жаткан тилдерде тууганчылык иерархиясы тарыхый, маданий, биосоциалдык факторлор аркылуу аныкталып, ал факторлордун таасири тилдик каражаттар аркылуу чагылдырылат (2-3-баптар, 3.1., 2.2.).

**5-натыйжа. Жаңы.** Туугандык терминдерине экспрессивдүү жана эмоционалдык түс мүнөздүү. Тууганчылык терминдеринин эң көп саны кыргыз тилинде кездешет жана туугандык мамилелердин структурасынын эң кеңири деталдуулугунун көрсөткүчү болуп саналат, бул кыргыз коомунун турмушундагы сакталып калган актуалдуулуктан кабар берет. (3.1., 3.2., 3.4.).

**6-натыйжа. Жаңы**. Теманын илим-изилдөө мекемелеринин долбоорлору жана мамлекеттик программалар менен байланышы маселен социология жана антропологияда тектеш терминдерди изилдөө ар кандай коомдордун социалдык структураларын, үй-бүлө динамикасын жана маданий өзгөчөлүктөрүн талдоого жардам берет. Ал эми экономикада үй-бүлөлүк бизнестин жана социалдык капиталдын контекстинде тууганчылыкты изилдөө экономикалык өз ара аракеттенүүнү жана рыноктун динамикасын талдоо үчүн маанилүү болушу мүмкүн.

Ошентип, туугандык терминдер көптөгөн илимий тармактар менен байланышат, алардын өнүгүшүнө жана тармактар аралык изилдөөлөрдүн тереңдешине салым кошот.

**4.2. Диссертациялык иштин мазмунунан чыгарылган ар бир илимий натыйжанын негизделүү жана тастыкталуу даражасы.**

**1-натыйжа ынанымдуу.**

кыргыз, англис тилдериндеги тууганчылык атоолордун жалпы жана өзгөчө сапаттарга ээ салыштырма-типологиялык моделинин иштелип чыккан (1.3., 1.4.)

**2-натыйжа негиздүү.** ТТнын эки тилде гиперонимдик-гипонимдик, гетерогендүү-гомогендүү, денотативдик-коннотативдик, нейтралдуу-экспрессивдүү / эмоционалдуу, башкы-кошумча, алгачкы-дериваттык ж.б. семаларынын аныкталып сыпатталган (5.3., 5.4.).

**3-натыйжа ишенимдүү.** тууганчылык байланыштардын эки тилдеги номинанттарынын этимологиясы,эволюциясы, семантикалык жактан байышы жана бутактанышына тиешелүү мурда белгисиз болгон айрым маалыматтардын ачыкталып көрсөтүлгөн (1.4., 3.2., 3.4., 4.3., 4.4.).

**4-натыйжа негиздүү-** англис ТТны кыргыз аудиториясында өздөштүрүүгө ыңгайлуу ыкмалар сунушталган (3-бап, 5-бап, 2.3.).

**5-натыйжа да негиздүү.** Кыргыз жана англис тилдериндеги ономасиологиясы, этимологиясы, топонимикасы менен антропонимикасындагы ТТдерге тиешелүү аталыштар иликтелген (2.4., 5.1., 5.2.).

**5. Квалификациялык белгилерге дал келиши.**

*1. Диссертациянын жыйынтыктарынын мүнөзү:*

1.1. Илимий чөйрөсүнө жана темасына жараша илимий жактан жаңы негизделген техникалык иштеп чыгууларды түшүндүрүү.

*2. Диссертациянын жыйынтык жаңылыктарынын деңгээли.*

2.1. Жыйынтыктарынын дээрлик бардыгы жаңы деп эсептелет.

*3. Диссертациянын жыйынтыктарынын баалуулугу.*

*3.2.* Жогору.

4. Диссертациянын темасынын пландуу изилдөөлөр менен байланышы.

4.2. Тема тармактык программага, илимдер академиясынын же мекеменин тематикалык планына кирет.

*5. Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын пайдалануу деңгээли.*

5.3. Тармактын масштабында

*6. Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын кеңири пайдалануу боюнча сунуштар.*

6.1. Кеңири пайдаланууну талап кылат.

**6. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Изилдөөдөн алынган тыянак-натыйжаларды кыргыз жана англис тилдериндеги тууганчылыкка байланышкан тилдик каражаттардын которулушуна жана изилденишине көмөк көрсөтөт,ошону менен эле бирге англис-кыргыз жана кыргыз-англис терминологиялык сөздүктөрүн түзүүдө, англис тилин кыргыз мектептеринде окутууда, кыргыз жана англис тилдеринин тарыхый лексикологиясы, семасиологиясы боюнча окуу куралдарын, типтүү жана жумушчу программаларды, лекциялык курстардын тексттерин даярдоодо теориялык материал катары жана “Текстке лингвистикалык талдоо”, “Көркөм чыгарманы талдоо” сыяктуу курстардын мазмунуна иштеги факт-материалдар, натыйжа-тыянактар, жоболор фактыларды маалымат билдирүүчү материалдар катары пайдаланууга болот.

**7. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, мазмунунун жетиштүү санда жарык көрүшү.**

Изилдөөнүн негизги мазмуну 13 илимий макалада чагылдырылып, анын ичинен КРнын Жогорку аттестациялык комиссиясы сунуштаган мезгилдүү басылмаларда 9 макала, РИНЦ системасы аркылуу индекстелүүчү чет элдик журналдарда 4 макала жарык көргөн. Булардын баары ишке түздөн-түз тиешелүү.

**Жетектөөчү мекеме:** .Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты бөлүмү сунушталат. Дареги:720000, Жалал-Абад ш., Ленин к.,57а.

**8.Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиянын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу боюнча жобосуна дал келиши.**

Жыйынтыктап айтканда, Алишова Изат Култаевнанын «Тектеш эмес тилдердеги туугандык терминдердин өзгөчөлүктөрү (кыргыз жана англис тилдеринин материалында) аттуу кандидаттык диссертациясы 10.02.20 – тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистигине туура келет

**9. Ишке карата сунуштар жана кемчиликтер**

1. Адегенде кыскартыла турган сөз жөнүндө түшүндүрмө берилбей туруп, мазмунда кыскартууну кездештиребиз. Мисалы: ТТ-4б., ТТдеринин эмес ТТнын,ТТдерге эмес ТТга деп кыскартуунун шарты боюнча берилсе туура болмок.

2. Диссертациялык иште орфографиялык, пунктуациялык, стилдик, техникалык каталарга жол берилген.Мисалы: түшундүрөт,торт эмдер, (71б.),зарылчыл(д)ыгы (15б), (138-беттеги таблицага номер берилбей калган, 147-бетке ата-теги-ancestors гиперонимин кошуп коюууну сунуштайм.

3.Адам аттарын жазууда кыскартылган ысымдарды фамилиясынан ажыратып ташымалдаган учурлары кездешет. Маселен: Мурунку сапта А.В. кийинки сапта Суперанская (129б.), мурунку сапта Х. кийинки сапта Л. Ханмагомедов (129б.), мурунку сапта А. кийинки сапта Смит ж.б. Эреже боюнча кыскартылган бөлүгү фамилиядан ажыратылбайт.

4.Хронология библиографияда сакталбай калган учурлар сейрек болсо дагы кездешет: 66-67 (166б.) (2001, 1995), 30,31 (162б.) (1981, 1980) ж. б. эмгектер орун алмашышы керек, анткени кийинкилери мурун жарык көргөн.

Жогоруда келтирилген мүчүлүштүктөр иштин беделин түшүрбөйт, сапатынын жакшырышына өбөлгө түзөт. Диссертациялык иштин темасынын кыргыз тил илими жаатында актуалдуулугун, зарылдыгын, алынган тыянак-натыйжаларынын негиздүүлүгүн, илимий жаңылыгын жана теориялык, практикалык жактан баалуулугун эсепке алып, аны Д 10.24.699 диссертациялык кеңешке жогоруда көрсөтүлгөн шифр менен коргоого кабыл алууга болот.

**Диссертант И. К. Алишова:** Урматтуу Бактыгүл Балтабаевна, жогоруда айтылган сын-пикир, сунуштарыңызга чоң рахмат!

1-сунушта адегенде кыскартыла турган сөз жөнүндө түшүндүрмө берилбей туруп, мазмунда кыскартуу берилгендиги айтылган диссертациялык ишибизде “туугандык терминдер”деп толук маанисинде колдонулуп, кыскартуунун шартында оңдолду.

2-сунуш диссертациялык иште пунктуациялык, орфографиялык, стилдик каталар эске алуу менен оңдолуп чыкты.

3-сунуш пикирде адам аттарын жазууда кыскартылган ысымдарды фамилиясынан ажыратып ташымалдаган учурлардын кездешкендигин эске алдык. Диссертациялык ишти чыгарып жатканда техникалык жылышуулар болгон, адам ысымдары талапка ылайык иреттелинди.

4-сунуш хронология библиографияда сакталбай калган учурларды эске алуу менен эмгектердин орундары алмашылып илимий пайдаланылган адабияттар иретке келтирилди.

Диссертациялык ишибиздин 3-эксперти филология илимдеринин кандидаты, доцент Нарматова Бактыгүл Балтабаевнага негиздүү сунуш, сын-пикирлерине терең ыраазычылык билдиребиз!

**Төрага, филология илимдеринин доктору, профессор Ч. К. Найманова:**

Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, талкууга өтөлү. Филология илимдеринин доктору, профессор Б.Ш. Усубалиевге сөз берилет.

**Филология илимдеринин доктору, профессор Б. Ш. Усубалиев:**

Бүгүн бардык илимий ишиңде берилген суроолорго бир көрүнүп бир көрүнбөй, алыстап, кайра жакындап аттың же сүрдөп аттыңбы? Негизи диссертациялык иш абдан жакшы жазылган, улуттун даңкын, баалуулуктарын чагылдырган илимий иш болуптур. Кийинки ачык коргоого өзүңдү жакшы кармап, жакшы даярданып келгиниң, кызым! Коргоого сунуштайм, диссертантка ак жол каалайм!

**Төрага, филология илимдеринин доктору, профессор Ч. К. Найманова:** Кийинки сөз филология илимдеринин доктору, доцент Ч. С. Тулеевага берилет.

**Филология илимдеринин доктору, доцент Ч. С. Тулеева:**

Чындыгында, чоң илимий иш жазылыптыр, Этнолингвистикада кыргыз маданиятындагы уруу-урууга бөлүнүүсүнө байланыштуу факторлорду,жана өзүңөр белгилеп кеткен жети атага байланыштуу көбүрөөк мисалдарды келтирип,кайсы тилде көп колдоонорун тастыктап кошуп койсоңор дейт элем. Орусча авторефераттын 2-жободогу котормосун илимий стилде карап, редакциялоого сунуш кыламын. Илимий иш кызыктуу, колдойм.

**Филология илимдеринин доктору, доцент А. Н. Сыдыков:**

Туугандык терминдерде архаизмге айланып бараткан аталыштарды азыр эле Гульнур Кабылбековна сурап өттү, кошумча сунуш катары айта кетейин, мисалы уялаш, эмчектеш .....сөздөр колдонуудан чыгып баратат. Кийинки өсүп келе жаткан муундардын жээн-бөлө, куда-сөөк дегендер жек- жааттарга киреээрин милдетүү түрдө билүүсү зарыл, ишиңде сен 3кө бөлүп атасың,алыскы туугандарга ушулар кирет деп кошуп койсоң болот. Жер суулардын аттарына Чолпон Ата, Камбар Ата деп жазылып жүрөт, ал тотемдерге, пирлерге кирет,дагы башка жерлердин аттарын мисалы: Бала Саруу деп сунуштаар элем. Ишиңе ийгилик, азыркы учурда актуалдуу темалардын бири мен да колдойм.

**Филология илимдеринин доктору, профессор П. К. Кадырбекова:**

2-жобо бир аз түшүнүксүз болуп калыптыр, маанисине карап оңдоп конкреттештирүү керек. Эки тилдеги лингвомаданий өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү керек, өзгөчө окшоштуктарын белгилеп көрсөтүү зарыл, айырмасы азыраак болуп турат. Илимий ишке төркүн сөзүн тактоо менен мисалдарды берсеңер иш дагы кененирээк изилденмек. Немецтерде илимий *ата, апа-doctor vater, doctor mutter* деп аташат, кыргыз-англис тилдеринде да кандай аталаарын белгилеп койсоңор мисал катары деп кенеш берем. Ийгилик, Изат Култаевна!

**Филология илимдеринин доктору, доцент Б. Б. Нарынбаева:** Авторефераттын орус тилинде каталар кездешип атат, оңдоп түздөөнү талап кылат. О. Каратаевди ишиңизден алып салганыңыз оң, себеби бул окумуштуу тарыхчы, этнограф, лингвистикага тиешеси жок. 123-беттеги таблицада француз тилинде фамилияларда fitz-filus деп жүрөт, бир аз туура эмес болуп калат же болбосо кененирээк маалымат кошуп кетүү керек же такыр эле алып салсаңыз болот. Баарын оңдоп түздөгөндөн кийин ачык коргоого болот деп сунуштайм.

**Төрага, филология илимдеринин доктору, профессор Ч. К. Найманова:**

Анда, урматтуу коллегалар баарыңыздарды ачык колго салууга чакырам: “макул” – 13, “каршы” – жок. Коргоо күнү 2025-жылдын 27-июнуна белгиленди. Суроолор барбы?

**Төрага, филология илимдеринин доктору, профессор Ч. К. Найманова:** Жетектөөчү мекемени жана расмий оппоненттерди бекитүү боюнча сунуштун негизинде.

Жетектөөчү мекеме катары Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик ниверситетинин кыргыз тили жана адабияты бөлүмү сунушталат. Дареги: 720000, Жалал-Абад ш., Ленин к., 57а.

**Биринчи расмий оппонент** – Жумалиев Самат Субанкулович, филология илимдеринин доктору, доцент, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин мамлекеттик тил жана маданият институтунун директору

**Экинчи расмий оппонент** – Бектурова Анархан Абдыжалиевна, филология илимдеринин кандидаты, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин гуманитардык факультетинин доценти

**Төрага, филология илимдеринин доктору, профессор Ч. К. Найманова:** Талкууга катышып бергениңиздер үчүн рахмат. Анда чечим чыгарсак Д 10.24.699 диссертациялык кеңешинин кезектеги кеңешмеси жогоруда айтылгандарды угуп жана талкуулап, төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.1. Алишова Изат Култаевнанын «Тектеш эмес тилдердеги туугандык терминдердин өзгөчөлүктөрү (кыргыз жана англис тилдеринин материалында) деген темадагы изилдөөсү диссертант тарабынан толук аткарылып бүткөн жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясы тарабынан кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарга жооп берген иш деп эсептелсин.

1.2. Алишова Изат Култаевнанын «Тектеш эмес тилдердеги туугандык терминдердин өзгөчөлүктөрү (кыргыз жана англис тилдеринин материалында) аттуу 10.02.20 – тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши коргоого сунушталсын.

1.3. **Жетектөөчү мекеме катары:** Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты бөлүмү сунушталсын. Дареги: 720000, Жалал-Абад ш., Ленин к., 57а.

**Биринчи расмий оппонент** – Жумалиев Самат Субанкулович, филология илимдеринин доктору, доцент, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин мамлекеттик тил жана маданият институтунун директору белгиленсин (10.02.19) .

**Экинчи расмий оппонент** – Бектурова Анархан Абдыжалиевна, филология илимдеринин кандидаты, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин, гуманитардык факультетинин доценти белгиленсин (10.02.20).

**Коргоо күнү:** 2025-жылдын 27-июну

**Добуш бергендер:** "макул" – 13, "каршы" – жок.

**Төрага, филология илимдеринин доктору, профессор Ч. К. Найманова:** Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, бүгүнкү кеңештин отуруму жабылды! Баарыңыздарга чоң рахмат!

**Диссертациялык кеңештин төрайымы,**
**филология илимдеринин доктору, профессор** **Ч. К. Найманова**

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**филология илимдеринин кандидаты, доцент** **Н. Б. Джаркинбаева**